ТАШПОЛОТОВА САКИНА

# ЫРЛАРЫМ МЕНИН ӨМҮРҮМ

Ош – 2017


УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Т 23

Т 25 Ташполотова Сакина
Ырларым менин өмүрүм, Ош, 2017,144 б.

ISBN 978-9967-18-375-9

Бул ырлар жыйнагы жүрөгүңүздүн түпкүрүнөн орун алат. Кыргыз жергесинин таң калаарлык коoздугу, Сары-Челек көлүнүн көз суктанткан кайталангыс сулуулугу акын жүрөгүнөн оргуштаган ыр болуп атылып чыгып турганына күбө болосуң.

Т 4702300200-17 УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
ISBN 978-9967-18-375-9
© Ташполотова С, 2017



Ташполотова Сакина  Кара- Дарыя  аймактык башкармалыгына караштуу «Ак мечит» айылында туулган. Алтындай болгон балалык чагы Кара-Дарыя жээгинде дайранын шары менен  учкан куштай болуп өтөт. Айылдагы орто мектепти  аяктаган соң келечекте кесип менен өмүр сүрүү үчүн Ош шаарына келип Соода техникумуна кирип, .анда студенттик турмуштун даамын татып, билим ала баштайт. Кесипке болгон ынтызарлык  менен кошо Сакинаны турмуш жолдун эшиги болгон өмүрлүк жолдошко да туш кылат. Ал ушул мезгилге чейин турмуш туткасын бекем кармап келе жаткан Чаувайлык Альберт деген жигитке туш болот. Ортодогу таза сүйүү баш кошуу менен коштолду. Кыз бала ыргытылган таш демекчи тагдыр Сакинаны асман тиреген аска зоолордун арасында жашоо сүрүүгө

туштады. Сакина бул жерде учурунда дүйнөгө атагы чыгып турган Хайдаркен сымап комбинатынын Чаувайдагы филалында ага телефон байланышчы кесипти аркалап 25 жыл үзүрлүү эмгектенди. Кубаттуу СССР ураган соң Чаувай кени да жабылып жашоо өз нугун башка жакта өткөрүүгө туура келип, Сакина Кызыл-Кыя шаарынан байыр алып, соода менен алектенип, учурда өзүнүн менчик «Аида» соода дүкөнүндө эмгектенип жаткан учуру

Ташполотова Сакина жашоонун магызын акыл казанында кайнатып, көкүрөк көөдөнүнөн электеп, андан ары жашоого үрөн себе ала турган инсан экени талашсыз. Бул айтылган сөзгө анын калеминен жаралган ырлары күбө. Чындыкты туу туткан,калп сүйлөгөндөн караандай алыс болгон, боорукерлик канына сиңген, достукка болоттой ширелген,айткан сөзүнө жеке керт башы менен жооп берген мүнөзүн анын ырларынан баамдоого болот Мактоо да чеги менен, бирок Сакина жогорудагы айтылган аталыш-тарга жүз пайыз татыктуу экендигин окурман ушуд китепти окугандан соң ынанышы мүмкүн. Поэзия ышкыбозу катары, ырларды турмуштун күзгүсүндөй бапестеп барктаганы лирика сүйүүчүлөрүн кайдыгер калтырбайт деп ойлоймун. Анда эмесе Сакинага мындан кийин да өз чөйрөсүндүгү ыр ышкыбоздорунун купулуна толоорлук ырларды жаза беришине ишеним артып. жакшы тилектерди каалап калалы.

***Жоробеков Абдуназар,***
***Кыргызстан жазуучулар союзунун мүчөсү,***
***адабиятчы жана сынчы***

# ТАБИЯТТЫН ТАТТУУ ЫРЧЫСЫ

Сакина Ташполотовнанын «Ырларым менин өмүрүм» аттуу алгачкы ырлар жыйнагын баракта п олтуруп, кыргыз жергесинин таң калаарлык кооздугу, Сары-Челек көлүнүн көз суктанткан кайталангыс сулуулугу акын жүрөгүнөн оргуштаган ыр болуп атылып чыгып турганына күбө болосуң. Чынында адам жан дүйнөсүнө жарык нур төгүп, калем карматып ыр жаздырган-анын киндик кесип, кир жууган туулган жери, Алыкул аңыз кылган Ата-Журт ажары, көркөмдүк түнөгөн касиеттүү табият эмеспи.

Сакина үчүн да ошондой кымбат жана ыйык, сезим кылдарын назик серпилтип, жүрөк күүлөрүн эргиткен, көкүрөгүнө өзүнөн- өзү күү болуп куюлуп турган жери- «Ак Мечит»

Туулган жерим Ак – Мечит,
Жеримди эстеп сагындым.
Калкы өтө мээримдүү,
Элимди эстеп сагындым.

Кызгалдак терип кырлардан,
Ойногон күндү сагындым.
Досторум менен каналды.
Бойлогон күндү сагындым.

Жашоонун жаңыдан жаралып жаткан кезеңи, жаратылыштын ажайып сонун учуру-жаз мезгили экенин кимдер билбейт. Акын «Жазды күтүп» деген ырында көктөмдүн көңүл эргитип, келберсиген келбетин, жаздын жадыраган, жаркыраган маанайын кенемтесин эч кемитпей, түз эле китепке көчүрүп алып келип койгондой таасир берет:

Булбулдар сайрайт бактарда,
Гүл ачат алма шактарда.
Жыпжылуу салкын жел келип,
Кеч күүгүм кирип жатканда.

Чырылдап чымчык үй курат,
Жыты аңкып талаа буркурап.
Ачылып аалам гүлдөрү,
Мактанып бизге кулпунат.

Кыргыздын багына бир бүткөн, тоо койнунда көз мончоктой көйкөлүп жаткан Сары-Челек көлүн ким гана ырга салбады. Сөз менен айтып бүткүс көл көркүн Сакина Ташполотовна да өз дареметине жараша кыйла көркөм ачып бергенин береги саптардан көрүүгө болот.

Тоодон аккан муздак суусу туптунук,
Көк шиберлер жайкалышып кулпуруп.
Кулагыңа муза чалып булактар,
Каякадыр шашылышат умтулуп.
Кичи көлүн кечип жүрдүм жуунуп,
Сүзгүм келет балыка окшоп кубулуп.
Табияттын көрк-келбети чексиз бейм,
Кайдан келди ушунчалык сулуулук.
Сары-Челек кош бол эми, кош айтам,
Коздугуң көздө калды, мен кайтам.

Мына ушундай ырлары Сакина акындын алда качан табияттын таттуу көмөкөй ырчысына айланып калганын  айдан ачык далилдеп турбайбы. Буга дагы бир мисал катары «Кыргыз жерим» деген ырын алып көрөлү. Автор анда:

Кыргыз жерин тагып келем,
Тумар кылып мойнума.
Талаа гүлдөр салам берет,
Келин сымал жолумда.-деп, жан дүйнөсү жаратылыш менен  биротоло чырмалышып калганын күүгө салат.

Ырлар жыйнагынын басымдуу бөлүгүн махабат лирикасы ээлеп турганын толук мыйзам ченемдүү көрүнүш катары кароого болот. Андагы сезимге ак шоола болуп тынымсыз себелеп турган кечиккен сүйүү кайрыктары окуган жанды терең ойго салып;

Элүү жашка аяк салган кезимде,
Жалбырактай үлбүрөгөн сезимде.
Сүйүү боздойт чертип арман күүлөрүн,
Ажырагыс болуп калсак эмине.

Кайда калды жылдыз жүздүү жамалың,
Жылдар жылып, мен улгайып барамын.
Кайра келбес, түбөлүккө кош айткан,
Кайрылбаган жаштыгымды самадым.

Эстейм сени жер көгөргөн көктөмдө,
Эстейм сени жигит кызын өпкөндө.
Эстейм сени булбул куштар ыр курап,
Жер энеге булут мээрин төккөндө -деп, Сакинанын жалгыздык жаралган көгүчкөн дүйнөсү алыста калган армандуу ак сүйүүсүн ботосун издеген ак ингендей жүрөгү миң эзилип сыздап, аруу дилин армандын оту көзөп тынбастан издеп келет.

«Кайгысы жок жүрөктөн,каалагандай ыр чыкпайт»деген накыл кеп бар эмеспи. Анын сыңарындай «Ырларым менин өмүрүм» ыр китебинин бүткүл өзөгүн акындын жүрөгүнөн жарылып чыккан арман ырлары түзүп турарын баамдабай коюуга болбойт. Бул жүрөктү тилип боздогон муң-кайгы атактуу акын Жеңи Жоктун «Балам жок» деген ырынын бүгүнкү күндө Сакина Ташполотовнанын калеминен уланып, сезим туйлатып, жүрөк ыйлаткан, жан дүйнөнү жанар тоодой титиреткен оор кайгы кимди болбосун кайдыгер калтырбайт. Акындын «Жалгыз дарак», «Аллага айтам муңумду» аттуу ырлары айтылган кептин чындыгын айныксыз көрсөтүп тургансыйт.

Ырас жыйнактагы ырлардын баары эле жипке тизген шурудай телегейи тегиз деп айтуудан алыспыз. Айрыкча арноо ырларынын жаандан кийинки козу карындай көптүгү китептин көркөм-эстетикалык

деңгээлине көлөкө түшүрбөй койбойт. «Көч бара-бара түзөлөт» дегендей акындын курч туюму ансыз да баамдап тургансыйт.

Акырында айтар кеп, Сакина Ташполотовнанын ушул ырлар жыйнагы келечекте бапестеп багар айдай сулуу аппак наристеси, артында атын өчүрбөй сактап калаар туягы болот ко деген изги тилегибиз.

***Атакул Жакыпов,***
***акын, Алыкул Осмонов атындагы***
***адабий сыйлыктын лауреаты.***

***

## БУЛУТТАГЫ ЫРЛАР

Ар бир адамдын дүйнө таануусу, сезими, жашоо турмушуна көз карашы болот. «Белес» гезитине чыккан бир ыр менин жан дүйнөмө бүлүк салып, анын автору менен таанышып, баарлашкым келди. Көрсө, ал Сакина Ташполотовна экен. Аны менен бир топ жылдардан бери жакшы мамиледе болуп жүрсөк да, Сакина эч качан өзүнүн чыгармачылыкка болгон, ыр жаратуу шыгын, илхамы жөнүндө төшүн кагып мактанган эмес эле.

«Жоогазыным чындап эле соолуптур» аттуу ырын окугандан соң аны менен чыгармачылык байланыш башталып, жашоодогу жазылган ырлары менен таанышып, өзүнүн көркөм окуусунда жан дүйнөнү жыргатып, поэзиянын керемет дүйнөсүнө алып барды. Сакинанын ырларыны ыраатуулугу, ыргагы, муун өлчөмү, уйкаштыгы, мазмуну дасыккан акындардай калеминен жаралышы окурманды өзүнө магниттей тарткандыгы аркылуу ак булуттай каалгып, алысты көздөй сапар тартат.

Ырлардагы психологиялык ойлорду жөнөкөй тил менен чагылдырылышы Сакинанын кандай аялзат экендигин билдирет. Мен чыгармачыл адамдарды чын дилимден баалаймын. Жараткан аларга тартуулаган таланты аздектеп, өмүр бою чыгармачылык менен алпурушуп,сүрөтчүлөр сүрөттөрүн, акындар ырларын, жазуучулар прозаларын жана башкалар өз таланттарын элге тартуулап келишет. Сакина да ошолордун катарында эне тилдин сөздөрүн электен өткөрүп, адамга таасир берип, тарбиялык мааниси терең сөздөрдү колдонуп, кусалык, сагыныч, махабат, адамдык тууралуу поэтикалык саптарды жарата билүүсү окурманды таң калтырат.

Сакина жөнүндө айта берсе сөз түгөнбөйт. Аны менен аңгемелешкен адам Сакинанын ким экендигин сезе билет. Бар бол Сакина! Сага чын ден-соолук, узак өмүр, чыгармачылыкта кажыбас кайрат каалаймын. Поэзия океанында сүзө бер талыкпастан!

***Мажит Жуманбаев.***
***адабиятчы***

***

## КЕН ШААРЫНЫН КЕҢ ПЕЙИЛ КЫЗЫНА

Эй, жаш жигит ийилгениң сынганың,
Түшүнө бил махабаттын сырларын.
Кылдат сезип ой жүгүрткүн баарына,
Ак сүйүүгө кыянаттык кылбагын.

Мындай ыйман, адепке чакырган саптардын автору Кызыл-Кыя кен шаарынын жөнөкөй гана атуулу Сакина.

Биз Сакина менен мындан 3-4 жыл мурда маркум, жазуучу, акын Сабыралы Абдукаримов аркылуу таанышканбыз. Биринчи жолку жолугушуубузда эле агынан жарылып, агылып-төгүлүп өзүнүн ырларын да окуп, дасторконун даамга толтуруп, айкөлдүгүн көрсөткөн. Мен Сакинанын акындыгынан да адамдык касиетине суктанып, баалап жүрөм.

- Биз досторбуз, - дегени көңүл тереңимде сактап, ага болгон аруу, арзуу тилегимди айткым келет. Китебинин эки бөлүгүндө тең апасынан тартып бардык замандаштарына арноо, каалоолорун жаадырыптыр.

Башкаларга жакшы сөз айтууга жарабагандар да бар эмеспи арабызда. Анын бул үлгү сапаты жаамыбызга жуксун деген ак тилегимди айтууну эп көрдүм.

Сакина дос, ушундай сары саптарыңдын катары калыңдай берсин.

Жараткандан сага жайыл пейил, жаркын маанайың жадырап, өзүң да, ырларың да өмүрлүү болушун ак дилимден каалаймын.

Сен Кен шаарынын бир кеменгер кызысың. Максаттуу жолуңда оомат коштоп жүрсүн.

***Абдилаат Дооров, акын.***
***Кыргыз Улуттук Жазуучулар***
***биригинин мүчөсү.***

***

## ЫР САПТАН ЖАСАП ГҮЛ ДЕСТЕ

Алыкулду анын калеминен жаралган ырлары аны түбөлүккө кыргыз элинин жүрөгүнөн орун алдырды. Ырлары Алыкулга жарашып, Алыкул ырларына кыналашып бири-бирине ширетилген болоттой бекем болуп түбөлүккө өмүр сүрө берет. Алыкул турмуштун

ачуу-таттуусун,ооруунун запкысын тартса да анын ички дүйнөсүнөн оргуштап чыккан лирикалык ыр саптары.тубаса таланты окурмандарды өзүнө тарта алгандыгы таң калыштуу. Болбосо ал атайын кесиптик окуу жайды же жогорку окуу жайды аяктаган жок. Тубаса таланты «Жараткан» өзү ага ыроологон экен. Бул макаланы жазуудан алдың  Алыкулга бекеринен кайрылганым жок. Ошондой эле талант менен поэзия деңизинде кичинекей кайыгы менен жээкте жанып турган маякты көздөй сүзүп бараткан бир инсан бар. Ал Ташполотова Сакина. Мен Сакинаны жыйырма жылдан ашуун мезгилден бери билемин, кала берсе теңтуш, курбу,дос катары мамилебиз бар. Бул курбуда адеп,ыйман, боорукер-деген улуу сөздөр көөдөнүнүн тереңинде. Калп сүйлөгөндү билбеген, жаш карыга бирдей мамиле жасаган, айткан сөзүнөн кайтпаган, жети өлчөп бир кескен, учуру келсе боорукер, кезеги келсе насаатчы катары баалаймын. Эми мунун башкалардан айрымаланган бир сыры бар. Ал өзүнүн ички дүйнөсүнөн оргуштап чыккан ырлары менен өз чөйрөсүндө кадырлуу. Атайылап акын болом деп өзүн-өзү зордоп ыр жазууга далбастабайт, кайсыл мезгилде кантип ыр түрмөктөрү жаралып калат аны бир өзү билет. Ар бир жаралган ырын бапестеп жалпы дептерине жыйнап келет.

Мен 2008-жылдан баштап шаардык «Мезгил жарчысы» газетасында башкы редактор болуп эмгектенгенден бери Сакинанын railеминен жаралган ырларын толугу менен болбосо дагын айрым ырларын газета бетине жарыялап турдум. Анын ырларын окугандар ырдын авторуна болгон каалоолорун мага айтышып, ушундай акын бар экен, ырлары маанилүү, окуган адамды ыры менен арбап ала тургандыктары жөнүндө мага айтышып калышат. Бул айтылган мактоолорду мен Сакинага жеткирип турдум. Бул жерден бир аз чегинүү жасайлы.

Мына Сакинанын ырларынын маани маңызына баа беришип, ырдын уйкаштыктары, айтайын деген оюу төп келгендиги, ыр саптарында муундардын ашыкча болбостон дал келгендиги тууралуу айтышып, бизде ушундай акын бар экен деген сөздөрдү сыймыктануу менен айтышып жүргөндүгүнө мен басым жасагым келди. Ооба акын болу оңой эмес, мына Сакинаны окурмандар айтып жатпайбы акын кызыбыз бар экен деп. Акын болуу оңой эмес, Акындык даражага жетүү үчүн бир нече китептерди чыгарып, эл оозуна алынып, андан соң эчендеген электен өтүп андан кийин акын деген наамга ээ болот. Сакина акын эмес, бирок акындардан кем эмес, ага окурмандар «акын» деген наам берди. Демек аша чаап акын десек да боло берет, себеби анын ыларын окуп,ырларына таазим этишип, акын катары баалашып келет окурмандар. Лейлек жергесинен келишкен атактуу акындар Сакинанын ырларына жакшы деген баа беришип «Сиз биз үчүн жөнөкөй эле адам эмессиз, Сиздин ырларыңыз сизди акын деп айтууга үндөп турат» деп айтышкан. Демек Сакина акын деген атка татыктуу. Мынгчалык болуп калды Сакинанын жазган дептериндеги ырларына саресеп салсак. Мен бош убактымда алдына келип жазган ырларыны өзүнө окутамын. Окуганда көркөм кооз, коңур үнү менен окуганда ушунчалык ырахаттанамын. Угуп олтуруп өзүңчө башка дүйнөгө кирип кеткениңди сезип, бүт тулку боюңду ырахатка бөлөп, ушундай сезим улана берсе экен деп туруп каласың. Анын ырларында жарык дүйнөдөгү жашоодо кездешкен кыйынчылыктар, ошону менен бирге эле кубануулар, кайгыруулар, жаштыктын кучагындагы ойноп күлүүлөр, туугандарды, досторду баалоо, таза, тунук сүйүүнүн символун бийик көтөргөн ыр саптар окурманды таң калтырбай койбойт.

Сөзүмдү жыйынтыктап жатып «Белес» гезитине жарыяланган «Жоогазыным чындап эле соолуптур» деген ырынан эки куплетти мисал келтирейин:

Чын дүйнөдө жүргөндүрсүң сагына,
Алла жазган тагдырыңа багына.
Булбул болсоң бейиштеги сайраган,
Роза гүлгө толуп турсун айланаң.
Аттиң ай, жалган тура жарык дүйнө,
Жаратканым коё албайм сага күнөө.
Чымчык дагы балапанын жоготпосун,
Бактылуу өмүр сүрсүн бүт үй-бүлө.

Мен эки куплет ырын мисалга алып, бир тууган сиңдисинин баласы Санжарбекти жоктоо менен жазылган ырынын тематикасыны, философиялык маанисин жогорку чеберчиликте окурмандарга жеткире алгандыгына ынандым. Кырчын жашта кырсыктан каза тапкан Санжарбекти убакыт бир топ өтүп кетсе да анын элесин унутпашын белгилеген. Сакина айтып келбеген кырсыктан бир эле сиңдисинин үй-бүлөсү эмес, бул дүйнөдө жашагандардын кырсыктан алыс болуусуна, пешенеге жазганды көрбөй коюуга мүмкүн эмес экендигине моюн сунат. Кала берсе учуп жүргөн чымчыкка да балапанынан ажырабастан жашаса дейт. Кыскартып айтканда Сакина ар бир ырында жер бетиндеги жашаган инсадарга, жан-жаныбарларга-баарына тынчтыкты, бейпилдикти каалаган айкөл инсан. Сага мындан ары ден-соолук, чыгармачылык ийгилик каалаймын.

***Абдуназар Жоробеков.***
***Кыргыз Республикасынын***
***Журналисттер Союзунун мүчөсү.***
***«Белес» гезити 2016-жыл. 30-май.***

***

***Жаңыдан гана канат күүлөп талпынып поэзиянын бир бурчунан орун издеген Сакина Ташполотованын «Ырларым менин өмүрүм» аттуу китебине***

# ПИКИР

«Акынмын» деп айтыштан тартынып турган бул акын жаштайынан эле залкар жазуучу акындардын китептерин колунан түшүрбөй окуп жүргөн тура. Мына Сиздердин колуңуздарда «Ырларым менин өмүрүм» аттуу ырлар жыйнагы. Анын автору келечектен көптү үмүттөндүргөн, маңыздуу сөздөрү менен окурманды өзүнө тарта билген калемдешибиздин бири Сакина Ташполотованын алгачкы китеби жарык көрүүдө. Чыныгы чыгарма түбөлүктүүлүгү менен баалуу. Ал бүгүн же эртеңки күн үчүн гана жазылбайт. Келечек муундарга сабак, үлгү болсун үчүн түбөлүктүү болуп, эл түнөгүнөн орун алган китептердин катарынан орун алышына шек жок.

Акын турмуштун түркүн-түмөн ойку-кайкы, ойуш-кайыш агымдарына аралащып анын көйгөйүнө күйүп, жакшысына сүйүнүп, коомчулукта болуп жаткан оң жана терс көрүнүштү таразалап электен өткөрүп окурмандын купулуна толо турган учкул ойлору ушул жыйнактан даана байкалат. Чыныгы каламгер турмуш чындыгынан жазбай, тагдыр менен бетме-бет туруп, анын машакаттарына бардаш берип, адамзаттын жашоосундагы ар кандай кырдаалдагы кыйынчылыктарга сепил, инсандарга күч-кубат, акыл-эс болуп түбөлүккө жашайт. «Жараткан Аллах» тартуулаган акындык өнөрүн күчөтүү менен бирге, ар бир жаңылыкка акын катары үнүн кошуп, тээ балалык мезгилден баштап эле чыгармачылыкка болгон ышкыбоздугу күн санап болоттой чыңалып нечендеген ашуулардын ашуусунан ашып өтүүгө далбас уруп, тунжураган туңгуюктун жылчыгына нур жандырып,

аздыр-көптүр шурудай тизилген ыр саптары окурманды кайдыгер калтырбашына ишенем.

Акын эжебиздин жазган ырларын окуп олтуруп өзүңчө бир ырахат аласың. Анын жазган ырларынын багыты жашоо турмушубузда болуп жаткан окуяларды күзгүдөн көргөндөй көз алдыңа тартуулайт. Дээрлик көпчүлүк ырларында өзүнчө бир оргиналдуулук, адамдын ички руханий дүйнөсүнө таасир эте турган философиялык ой чабыттары, наристе сымал назик сезимди кытыгылаган жаштыктын жалындуу мезгилдерин чагылдырган лирика саптары орун алган. Анын ырларынан Ата-Мекен алдындагы патриоттук сезимди, туулган жердин көркөм ажарын, жашоонун улуулугун, махабаттын бекемдигин, айылдын жагымдуу таза абасын, бетти аймалаган сыдырым шамалын, сыдыргып тамчылаган шүүдүрүм сымал бүчүр байлаган берекелүү жаз айынын кереметтүү касиетин, тилек каалоолорун, жаштардын эмгеке болгон ынтызарлыгын даңазалаган темаларды окууга болот. Анын «Ак халатчан периштелер» деген ырында айтылган:

Дарыгерлер ооруга жебесиңер,
Өлүм менен алышып келесиңер.
Жардам берип чын дилден баарысына,
Жашоого дайым түрткү бересиңер.

Ак жүрөк пейли кенен врачтарым,
Баарысына калыссыңар ынактарым.
Дарылап дайым бизге үмүт берген,
Өмүрдө өчпөй турган чырактарым.

деп, - Сакина Ташполотованын нукура чындыкты чагылдырган ыр саптары кимди болбосун өзүнө тарта алат десем жаңылыштык болбос.

Дагын бир баса белгилеп кетчү нерсе эженин ойчул акындардын катарына кошулсам деген ички дилин байкадым. Турмушта өз көзү менен көрүп, өз башынан

өткөргөн окуяларды өзүнө гана таандык акындык ыкма менен элестетүү, образдуу сүрөттөө аркылуу поэзия күйөрмандарын өзүнө тартууга жасаган аракеттери даана сезилип турат. Арадан жылдар өтүп, а балким, Сакина эженин мындан да көлөмдүү ыр жыйнактары, окурмандардын колуна тийип, акындык зоболосу бийиктеп, түштүк жергесиндеги акындардын катарынан орун алышына ишенем.

Мен акын Сакина эже менен таанышканыма бир нече жылдардын жүзү болду. Аз убакыт болсо да анын башкаларда жок жекече инсандык айрым-ачык мүнөзү кичи пейилдүүлүгү, башкаларды сыйлай ала тургандыгы мени кубандырды. Болочок акындын жүрөгүнүн ар бир түрсүлү касиеттүү азоо жаштыктын жанарынан кубат алып, кудуреттүү махабаттын жамалынан демденип согуп тургандыгына таасын ишенебиз. Болочок акын эжебизге «Ак жол» каалоо менен бирге, анын жүрөгү таңдагы аппак шооладай тунук болушуна тилектешмин! Поэзия булагы - ар дайым акындын чыгармачылык эргүүсүнө кош канат боло берсин! Бар болуңуз келечектеги болочок акын, сиздин мээрим төккөн ыр саптарыңыз калың элдин элегинде болсун. Акактай тунук жүрөгүңүз менен ыр дүйнөсүн аралай бериң!

***Айталы Джуманазаров***
***«Мезгил жарчысы» гезитинин башкы редактору,***
***Кыргыз Республикасынын журналисттер***
***кошунунун мүчөсү***

# 1-Бъл|м

# С|Й||гъ

# т аазим



## АПАКЕМЕ АРНАЙМЫН

Апакем менин жыргалым,
Ооруп бир калсам сыздадың.
Эч качан эстен чыгарбайм,
Мен үчүн мээнет кылганың.

Туп-тунук менин булагым,
Үйүмдө күйгөн чырагым.
Ар дайым сизди бапестейм,
Кол жетпес менин чынарым.

Жаш бала болуп кыялы,
Карыды окшойт сыягы.
Тилеймин көпкө жашаңыз,
Өмүрдүн соолбос булагы.

Башыма жаздык жаздадың,
Укта деп мени таптадың.
Убайым тартып түн ичи,
Түн бою кирпик какпадың.

Озурун көрүп жүрөсүң,
Пахтадай жумшак мүнөзүң.
Бар болгун дайым биз үчүн,
Апакем менин мүрөгүм.



## ЛЮДМИЛАМДЫ САГЫНЫП

Людмила деген атыңдан,
Акактай тунук затыңдан.
Айланып сага кетейин,
Кундуздай кара чачыңдан.

Берметтей тунук тишиңден,
Табалбайм айып ишиңден.
Акылдуу болуп жаралдың,
Перидей сулуу жүзүңдөн.

Алыста жүрсөң сагынам,
Түшүмө кир деп жалынам.
Кокустан көрсөм түшүмдө,
Ыраазы болом абыдан.

Людмила кызым күн кызым,
Бактыма жазган жылдызым.
Сагынып сени жүрөмүн,
Кагылайын нур кызым.

Оорубагын эч качан,
Людмила менин нур кызым.
Элешиңди чоңойтуп,
Ден соолукта жүр кызым.

Людмила менин гүл кызым,
Жакамдагы кундузум.
Өмүрлүк жарың Бакыт менен,
Түбөлүктүү бол кызым.

## АК ХАЛАТЧАН ТИШ ВРАЧТАРГА

Жасайсың тишти абайлап,
Улаган жерди калайлап.
Ак ниет кылган иштериң,
Тим эле сага жарашат.

Ырахмат айтам дайыма,
Иштериң сонун байкадым.
Сындырсам кокус тишимди,
Күлмүңдөп башың чайкадың.

Жасадың кайра тишимди,
Кылдаттап сүйдүң ишиңди.
Жүрөктөн айтам ырахмат,
Дарыгер аны билдиңби.

Жумушка саар шашасың,
Сонундап тишти жасадың.
Жасаган сенин тишиңден,
Таппадым эч бир катасын.

Ак халат сага жарашкан,
Кардарлар сыйлап карашкан.
Ырахмат айтып адамдар,
Ыраазы болуп бараткан.



## НЕБЕРЕМ ЭЛЕНОРАГА АРНАЙМЫН

Аппак кызым ак кызым,
Ата-энеңдин бактысын.
Сагындырган саматкан,
Тайэнеңдин тактысын.

Эленора Элешим,
Кудай берген белегим.
Бойго жетип чоңойуп,
Элге тийсин керегиң.

Топ-топ басып жүргөнүң,
Алла берген эрмегим.
Ата-энеңди сүйүнтөт,
Кыткылыктап күлгөнүң.

Элеш кызым эрмегим,
Кудай чындап бергеним.
Алдей айтып мен сени,
Ак бешикке термедим.

Кудай берген наристем,
Алла берген периштем.
Тептегерек көздөрүң,
Сулуулугуң келишкен.

Ата-энеңди сүйүнтүп,
Ойноп күлгүн Элешим.
Бизди дагы унутпай,
Тайэнелеп келесиң.

Рахмат айтам кудайым,
Өрүп чачың сылайын.
Ата-энеңдин бактына,
Өмүрлүү бол ылайым.

Эгем берген эрмегим,
Бек кучактап өбөйүн.
Суранамын кудайдан,
Жакшылыгың көрөйүн.

Жылдыздай жанган көзүңдөн,
Тайэне деген сөзүңдөн.
Чулдур-чулдур тилиңден,
Укканда жүрөк сүйүнгөн.

Эленора айдайым,
Ачык болсун маанайың.

Ден-соолугуң чың болсун,
Мен ошону каалаймын.

Алгачкы кадам таштадың,
Жакшылык ишти баштадың.
Темтеңдеп басып жүргөнүң,
Талаанын терип гүлдөрүн.

Айдайым менин күндөйүм,
Ачылган Роза гүлдөйүм.
Сагынам бир күн көрбөсөм,
Жашырбай чынын сүйлөйүн.

Утурлап чыксаң жүгүрүп,
Жай алат көңүл сүйүнүп.
Боорума басып кучактап,
Муң кайгы кетет сүрүлүп.

Акылдуум зирегим,
Мойтоңдогон чүрөгүм.
Чоңойуп өскүн батыраак,
Ошол менин тилегим.

Жыгыласың турасың,
Ар жакка көңүл бурасың.
Эркелетип чакырсам,
Жүгүрүп колуң сунасың.

Элешим менин медерим,
Сагынып сени келемин.
Эстесем жүрөк элжирейт,
Апеже – эне дегениң.

Калемпир мончок жытыңдан,
Сөөмөйдөй болгон бутуңдан.
Ата-апа деген сөзүңдөн,
Чолпондой жанган көзүңдөн.

Бир жашка жашың жетелек,
Тай энең бакты бөпөлөп.
Айдайым менин кызым деп,
Түшүрбөй колдон көтөрөт.

Бөбөктөрдү чоңойтуу өтө кыйын,
Чоңойгондо көрөсүң анын сыйын.

## ЧАУВАЙ СУЛУУЛУГУ

Чаувайдын тоосу бийик тоо,
Кийиктер оттоп жыргаган.
Балапан ачып үй куруп,
Бүркүттөр учуп шаңшыган.

Арчасы сонун жарашкан,
Карасаң көздү камашкан,
Кооздугу сонун тойбойсуң,
Атайлап кудай жараткан.

Ачылган гүлдөр жарашкан,
Булбулдар сайрап таң аткан.
Моокумуң канып карайсың,
Суйкайып сулуу таң аткан.

Суулары тунук таптаза,
Абасы таза башкача.
Жаннатай болгон Чаувайды,
Жараткан өзү сактаса.

Арчасы коюу эккендей,
Гүлдөрүн бирөө сепкендей.
Суктанам сулуу Чаувайга,
Жаратып Кудай кеткендей.

Кызгалдак гүлдөйт буралып,
Бирине бири кыналып.
Жыттачы мени дегенсип,
Тургандай бизден суранып.

Чаувайдын бийик тоосунда,
Аркарлар ойноп сайрандайт.
Эрчитип балапандарын,
Кекилик учуп майрамдайт.

Тоолору көккө чубалып,
Тереги өсөт буралып.
Таң калып сулуулугуна,
Турамын ичтен кубанып.

## БАЛАЛЫК КЕЗДИ САГЫНАМ

Туулган жерим Ак-Мечит,
Жеримди эстеп сагындым.
Калкы өтө мээримдүү,
Элимди эстеп сагындым.

Кызгалдак терип кырлардан,
Ойногон күндү сагындым.
Досторум менен каналды,
Бойлогон күндү сагындым.

Пахта терип талаада,
Иштеген күндү сагындым.
Алма терип бактардан,
Тиштеген күндү сагындым.

Жылаңайлак суу кечип,
Киринген күндү сагындым.
Апакемден жеме угуп,
Таарынган күндү сагындым.

Иним менен куушуп,
Жыргаган күндү сагындым.
Улактарды тоого айдап,
Ырдаган күндү сагындым.

Отун терип кырлардан.
Сүйрөгөн  күндү сагындым.
Кымыз ичип кыйкырып,
Сүйүнгөн  күндү сагындым.


Апакем жапкан аппак нан,
Жытыны эстеп сагындым.
Ажайып сонун айылдын,
Кутуну эстеп сагындым.

Гүрүчтүн чөбүн тазалап,
Суу кечкен күндү сагындым.
Көпөлөк кууп жүгүрүп,
Гүл терген күндү сагындым.

Мектепке барып «эки» алып,
Ыйлаган күндү сагындым.
Эртеси күнү «беш» алып,
Бийлеген күндү сагындым.

Досторум менен урушуп,
Чырдашкан күндү сагындым.
Кучакташып эртеси,
Ырдашкан күндү сагындым.

Оозумду бойоп кызартып,
Тыт жеген күндү сагындым.
Жашынмак ойноп жүгүрүп,
Издешкен күндү сагындым.



## ИНИМ ЧЫЙБЫЛ БОЛУШКА АРНАЙМЫН

Болуш иним чырагым,
Ыр жазып сага турамын.
Ден-соолук кандай эже деп,
Күн сайын алым сурадың.

Телефон чалып турасың,
Өзгөчө көңүл бурасың.
Өксүбө эже мен бар деп,
Жакшылык мага кыласың.

Кыз болсок дагы медербиз,
Бир болуп баарын жеңебиз.
Жакшылык-жаман ишиңде,
Чакырсаң учуп жетебиз.

Чыйбыл болуш аман бол,
Узактан туруп сунам кол.

Кааларым сага дүйнөдө,
Кең аалам болсун шыдыр жол.

Чындыкты абдан сүйөсүң,
Мээримдүү сенин мүнөзүң.
Жалганды айтса балдарың,
Сыгылып ичтен күйөсүң.

Сыркоодон кудай сактасын,
Көз жеткис узак жактасың.
Амандык тилейм өзүңө,
Жакшылык сени жандасын.

Көңүлүң эч бир чөкпөсүн,
Бак-шагың өсүп көктөсүн.
Үйүңдө болсун барчылык,
Ал сенин ыйык дөөлөтүң.

## МИНАН ЭЖЕГЕ АРНАЙМЫН

Минан эже сыйда жүрүң ар дайым,
Түнт эмессиз чындыгында жайдарым.
Оорубаңыз көпкө жашап жүрүңүз,
Алыс болуп жамандыктан маңдайың.

Минан эже дайым сизди сыйладым,
Жаман нерсе эже сизден туйбадым.
Айкөл болуп жүрө бериң түбөлүк,
Эсте калат жакшылыгың ыйманың.

Көпкө жашаң  каалаймын узак өмүр,
Өзүңүзгө жарашат аппак көңүл.
Балаңыздын дайым көрүң убайын,
Кызыңыздын жандырыңыз чырагын.

Минан эже сизге каалайм ден - соолук,
Дайым жүрсүн башыңызда ак жоолук.
Карыбаңыз-арыбаңыз эч качан,
Үйүңүзгө күлкү бакыт жык толуп.

## НООРУЗ ШАҢЫ

Жаз айында кирип келген Нооруз майрам,
Сагындырып келдиң окшойт узак жайдан.
Бала-чака сүйүнүшүп оюн куруп,
Чындыгында элге тиет сенин пайдаң.

Сүмөлөктү бышырышып элдер жешет,
Ноорузум болдуң окшойт буга себеп.
Эли-журтум көңүл ачып оюн куруп,
Майрамдык маанай менен ыр себелеп.

Нооруз майрам шаңга бөлөп элимди,
Астанама өзүң кирип келдиңби?
Көптөн күткөн берекелүү Ноорузум,
Сен турасың шаңга бөлөп жеримди.

## БАКЫТБЕКЕ АРНАЙМЫН

Жакшылык  тилеп чалдарга,
Жамандык ишке алданба.
Тоорусун тынчтык амандык,
Оңолсун ишиң жана да.

Кичи пейил мүнөзүң,
Улууну сыйлап жүрөсүң.
Аларга каалап ден - соолук,
Кубанса кошо күлөсүң.

Сыйлайсың дайым карыны,
Урматтап келдиң баарыны.
Аталар бата беришсе,
Азайбайт турмуш агымы.

Бактылуу болгун Бакытбек,
Жүрөсүң дайым элди деп.
Кучак жайып күтүп ал,
Бак-таалай үйгө келди деп.

Журтуңа тийип керегиң,
Урматтап сени келемин.
Чын дилден каалайм жакшылык,
Ыр десте сага белегим.

## КЕЧИККЕН СҮЙҮҮ

Жаш өткөндө сүйүп калдым бирөөнү,
Жашты сүйүү жаш өткөндө күнөөбү?
Ак сүйүүнү түшүнбөгөн адам көп,
Кээде ойлойм алар мага күлөбү?

Чын сүйүүгө кимдин болсо акы бар,
Жетпесем да өз оюмда болом жар.
Жок дегенде күлүп койчу кымбатым,
Болбосо экен ак сүйүүм сага кар.

Сага тилейм узун өмүр ден-соолук,
Узак жаша бул дүйнөдө бар болуп.
Орундалып көпкө күткөн ойлоруң,
Бакыт кушу кучагыңа жык толуп.



## БЕРМЕТ СИҢДИМЕ АРНАЙМЫН

Кызыңдын кызын жетелеп,
Бапестеп бактың эркелеп.
Ымыркай кызды багыпсың,
Оозунан сүтү кете элек.

Немереңкүлсө сүйүндүң,
Ооруп бир калса күйүндүң.
Тайэнелеп жаныңда,
Куту болсун үйүңдүн.

Алтындай кылып асырап,
Түн бою кирпик какпадың.
Жүрөгүңө бек кысып,
Алдейлеп аны таптадың.

Мээримиң төгүп көтөрдүң,
Ал жөтөлсө жөтөлдүң.
Уйкусуз түндөр уланып,
Кыйналсаң дагы өтөр күн.

Бапестеп бактың асырап,
Жылыттың күндөй чачырап,
Мээнетиң кайтып кудайдан,
Чоңойсун неберең батыраак.

Алтындай сиңдим Берметим,
Мен үчүн жоктур теңдешиң.
Дайыма тилейм ден соолук,
Жамандык сага келбесин.

Уулуңдун уулун жетелеп,
Убайын көрсөк дечү элек.
Сырдашкан өткөн күнүбүз,
Дагы эле эстен кете элек.

Кичине кызды карадың,
Абайлап чачын тарадың.
Акылдуу болуп өсүшүн,
Сүйүнүп ичтен самадың.

Берметим бир өзүңдөн кагылайын,
Дайым сени көп эстеп сагынамын.
Көпкө жашап бактылуу бол берекем,
Жараткандан сурап сени жалынайын.

Неберең алла берген кымбат белек,
Ал белекти карегиңдей асырап сактоо керек.



## АЙДАЙ СУЛУУ АЙДАЙЫМ

Аида менин айдайым,
Кыш эмес жылуу жайдайым.
Мээримиң толо жүрөктө,
Шайыр мүнөз жайдарым.

Эстүүм менин сулуум,
Сүйлөйсүң сөздүн жылуун.
Жагатко мага ар дайым,
Мээримиң салып турушуң.

Чийилген кара кашыңдан,
Акылдуу болдуң жашыңдан.
Көрбөсө бизди кыйналып,
Куса бир болуп сагынган.

Аида койдук атыңды,
Сагындым сенин жытыңды.
Кай жерде жүрсөң эстей жүр,
Унутпай кыргыз калкыңды.

Жийде бурак гүлүндөй,
Буралып өстүң күлүндөй.
Күлмүңдөп турган көздөрүң,
Асманда жанган үркөрдөй.

Кызыл гүл болдуң буралган,
Ак-куудай болуп сыланган.
Сайрасын булбул шагыңда,
Досторуң көрүп кубанган.

Сен он сегиз жаштасың,
Орундап оюң максатың.
Жамандык иштен алыс жүр,
Жараткан өзү сактасын.

Көп ойлоп сени сагынам,
Жакшы бир көрөм баарынан.
Бактылуу болсун кызым деп,
Кудайдан дайым суранам.

Балбылдап турган көздөрүң,
Эстетет чолпон жылдызды.
Капкара болгон каштарың,
Эстетет суудa кундузду.

## АК ХАЛАТЧАН ПЕРИШТЕЛЕР

Дарыгерлер ооруга жебесиңер,
Өлүм менен алышып келесиңер.
Жардам берип чын дилден баарысына,
Жашоого дайым түрткү бересиңер.

Оорусак көзгө келет элесиңер,
Өмүрдө өтө кымбат мээнетиңер.
Алкыш айтам ак дилден врачтарга,
Ооруну илим менен жеңесиңер.

Доктурлар кудай берген белексиңер,
Оорусак сиздер бизге керексиңер.
Дарылап келесиңер ылгабастан,
Аппак халат периште силерсиңер.

Көптөгөн өмүрлөрдү сактадыңар,
Доктурлук ишеничти актадыңар.
Жарытып өмүрлөргө чырак жагып,
Бейтапты жарык жолго баштадыңар.

Ак жүрөк пейли кенен врачтарым,
Баарысына калыссыңар ынактарым.
Дарылап дайым бизге үмүт берген,
Өмүрдө өчпөй турган чырактарым.

Жашооңор ар дайым жакшы болсун,
Үйүңөр жаркыраган нурга толсун.
Турмушта дайым болсун ийгиликтер,
Врачтар оорубасын аман болсун.



## БЕРМЕТИМ МЕНИН МЕДЕРИМ

Медерим менин Берметим,
Булактай тунук келбетиң.
Ажарың чолпон жылдыздай,
Акылдуу эстүү пендесиң.

Атыңа затың жарашып,
Досторуң сүйүп карашып.
Кош жылдыз болуп дайыма,
Түгөйүң жүрсүн жанашып.

Балдарың эстеп сагындың,
Тагдырга абдан таарындың.
Кыздарың эстеп сагынып,
Ак-Буура болуп агылдың.

Уктабай таңды атырдың,
Жүрөккө көп сөз батырдың.
Кыйналат эжем айтсам деп,
Жамандык сөздү жашырдың.

Балдардын көрүп убайын,
Жүрө бер сиңдим кубатым.
Баарыбызга медер бол,
Кагылайын чырагым.

## ЖАЗЫМ МЕНИН

Суу агат өмүр берип дарактарга,
Аны да кудай өзү жараткан да.
Байчечекей ачылып бажырайып,
Суктанам жолдон өтүп баратканда.

Жадыраган жайнаган жазым менин,
Жылуу кылып ысыткан жайым дедим.
Түндө сүзүп асманда жаркыраган,
Көөнү кенен садагам айым дедим.

Жазда соккон салкын жел сага айтамын,
Сенсиз бизге жашоо жок мен байкадым.
Тартуулаган ырахат  салкындыгың,
Сөз жетпейт, ошон үчүн баш чайкадым.

Жылдыздар жымыңдашат түн ичнде,
Көпкө жүрдүк айланып жай кечинде.
Ал кечеде таанышкан таанышымды,
Унута албай жүрөмүн ал эсимде.

## ЖАЗДЫ КҮТҮП

Сагынып күтөм май айын,
Жып - жылуу болгон жаз айын.
Алмасы бакта жайнаган,
Жемишке толо бай айын.

Куштары бакта сайраган,
Күн ысып көктө кайнаган.
Шылдырап тоодо булагы,
Күлүңдөп гүлү жайнаган.

Бак дарактар көктөгөн,
Жааган катуу нөшөрдөн.
Балапан багып булбулдар,
Сайрандап күндү өткөргөн.

Келгин куштар келишип,
Чөп ташып үй-жай курушуп.
Асырап багып балдарын,
Жем издеп тынбай учушуп.

Булбулдар сайрайт шактарда,
Гүл ачат алма бактарда.
Жып-жылуу салкын жел жүрөт,
Кеч күүгүм кирип жатканда.

Чырылдап чымчык үй курат,
Жыттанып талаа буркурап.
Ачылып аалам гүлдөрү,
Мактанып бизге кулпунат.

Алыстан кущтар келишет,
Дыйкандар буудай себишет.
Мол алса эгер түшүмүн,
Кудайга шүгүр келтирет.

Буркурайт чөйрө жыттанып,
Адамдар  карайт суктанып.
Жаш селки улан олтурат,
Бирине бири ыкталып.

Роза гүлдөр ачылат,
Конуууга булбул шашылат.

Түгөйүн булбул чакырып,
Жаныма кел деп батырак.

Салкын жел сылап бетиңди,
Күтүп ал мени дедиңби?
Жазымды күтөм сагынып,
Чын эле өзүң келдиңби?

## ГАВХАР ДОСУМА АРНАЛАТ

Гавхарай менин чын досум,
Жараткан өзү колдосун.
Кыласың элге жакшылык,
Ишиңди кудай колдосун.

Жакшылар болсун жолдошуң,
Ар дайым досум ойдосуң.
Каалаймын сага ден - соолук,
Түйшүктөр сенде болбосун.

Өзүңө кийим жарашкан,
Досторуң сүйүп карашкан.
Жүрөктөн каалайм жакшылык,
Сактасын өзү жараткан.

Журтуңа кызмат кыласың,
Абайлап көңүл бурасың.
Кокустан келсе бирөөлөр,
Утурлап тосуп турасың.

Жардамың тийип элиңе,
Жүрө бер досум кериле.
Сырымды айтсам ичтеги,
Угасың дайым бериле.

Небере кызың чоң болсун,
Периште ишиң оңдосун.
Кызыңа каалайм жакшылык,
Жамандык үйдө болбосун.

Тилеймин дайым амандык,
Кылбадың эч бир сараңдык.
Айкөлдөй болуп жүрө бер,
Каалары́м көрбө жамандык.

Кыздарың өмүр булагың,
Үйүңдө жанган чырагың.
Озурун көр деп балдардын,
Алыстан тилеп турамын.

Өтүптүр жаштык убагың,
Ырымды сага сунамын.
Башыңа кыйын иш түшсө,
Жаныңда дайым турайын.

Алтынай менен Күмүшай,
Ай менен күнгө теңедиң.
Кыздарың эстеп сагынып,
Көрүүгө дайым дегдедиң.

Айбегим дедиң Нурбегим,
Эгиздей жанган нур дедиң.
Бир-бириң сыйлап дайыма,
Ынтымак болуп жүр дедиң.

Озурун көргүн балдардын,
Бактысын тиле кыздардын.
Бөбөктөргө бөлөнүп,
Көлүндө жүргүн жыргалдын.

## САНЖАРБЕГИМЕ АРНАЙМЫН

Үй-бүлөнүн кенжеси,
Акылдуу эстүү пендеси.
Таң калтырат адамды,
Жаратмандык сендеги.

Машинаны айдайсың,
Үйдөгү ишти жайлайсың.
Салабаттуу басканың,
Даанышман улуу байдайсың.

Мектептен келип жүгүрүп,
Тоо жакты карап түңүлүп.
Жандыгым аман экен деп,
Айдап бир келдиң сүйүнүп.

Койлорум аман болсун деп,
Аларды жакшы карайсың.
Пайдасы үйгө тийсин деп,
Сүйүнүп ичтен самайсың.

Санжарым менин берекем,
Айланып кетсин апежең.
Карыганда медер бол,
Мээримиң күнгө тең экен.

Тал чыбыктай боюңду,
Көрсөм деп самайм тоюңду.
Санжарым качан келет деп,
Сагынып күтөм жолуңду.

Элешти алып алдыңа,
Апаңды салып жаныңа.
Ыраазы болом өтө мен,
Көргөндө анын баарына.

Бак даракты сугардың,
Суу ичсе алмаң кубандың.
Мөмөлөр быйыл болсун деп,
Кудайдан абдан сурандың.

Өрүкзарды сугардың,
Суу ичсе жаңгак кубандың.
Малинам сууга тойсун деп,
Алладан өтө сурандың.

Он бешке жашың жетелек,
Суу койдуң бакка эртелеп.
Мээнетиң кайтып кудайдан,
Терегиң өссүн көкөлөп.

Койлорду тоого багасың,
Эгиздеп козу аласың.
Кокустан коюң жөтөлсө,
Жүгүрүп эбин табасың.

Ак тулпар сага жарашкан,
Классташ кыздар карашкан.
Акырын келип жаныңа,
Сүйүктүү кызың жанашкан.



## МУСТАФА ИНИМЕ АРНАЙМ

Мээримдүү иним Сергейим,
Алтын чыккан кендейим.
Издесем дагы дүйнөдө,
Эч качан таппайм сендейин.

Ташкындап аккан суудайым,
Кири жок аппак нурдайым.
Дүйнөдө эч бир теңи жок,
Тоолордо өскөн буудайым.

Эже деп сыйлап мени сен,
Алтыным эжем дечү элең.
Ар дайым каалайм жакшылык,
Ал мезгил сонун кез экен.

Эже деп мени сыйласаң,
Жамандык ишке кыйбасаң.
Айлансын эжең ар дайым,
Бактылуу болуп жашасаң.

## ӨМҮРЛҮК ЖОЛДОШУМ АЛЬБЕРТКЕ

Өмүрлүк жарым Альбертим,
Булуттай тунук келбетиң.
Эстеймин дайым күн сайын,
Үн жетпес алыс жердесиң.

Күн өтөт тагып жебесин,
Тартылат күндө элесиң.
Кыйналганда сени эстейм,
Жашоого түрткү бересиң.

Сүйлөйсүң дайым жакшыны,
Калбады өмүр жаштыгы.
Карыганда жөлөк бол,
Аттиң ай өмүр аздыгы.

Сырдашсам сырым угасың,
Жылмайып күлүп турасың.
Уктасам кирип түшүмө,
Гүл десте мага сунасың.

Билбеген жерди үйрөтүп,
Жүрөктөн насаат бересиң.
Кыйналсам эгер турмушта,
Утурлап жолум келесиң.

Ден соолук сага каалаймын,
Ишиңди дайым баалаймын.
Ойлогон ойуң орундап,
Жүрсүнчү ачык маанайың.

## ШААРЫМА ТААЗИМ КЫЛАМ

Кызыл-Кыя шаары жерим менин,
Даңкы кеткен далайга көмүр кениң.
Түп-түз болгон жолдору кубандырат,
Келечегиң өтө кең шаарым сенин.

Цемент завод курулуп иштеп жатат,
Жумушчулар эртелеп ишке шашат.
Өз убакта айлык алып иштегендер,
Эли журтум көңүлдүү жашап жатат.

Өтө сонун «паркы» бар Кызыл-Кыям,
Жалган эмес чындыкты жазып турам.
Моокум канбай суктанып келбетиңе,
Гүлдөп өскөн шаарыма таазим кылам.

## СОГУШ АРДАГЕРЛЕРИНЕ

Эл сыйлыгы эңсеген- ардагерлер,
Жанды аябай алыштың, акты кандар.
Эч качан унутпайбыз баатырларды,
Силерсиңер жүрөктө өчпөс жандар.

Көз жашы энелердин курубады,
Наалат сага фащисттер билгин аны.
Унутулбайт канча жылдыр өтсө деле,
Элибиздин жүрөгүндө калды тагы.

Чын жүрөктөн элиңерди коргодуңар,
Мекениңди кор кылып койбодуңар.
Тоо жүрөк тайманбаган баатырларым,
Душманды туш жүрөккө болжодуңар.

Октор учуп шуулдап жан жагыңдан,
Чыдай албай душмандар бүт багынган.
Тылда күтүп үй-бүлөң зарыгышып,
Уул-кызың үмүт менен жол караган.

## РУСЛАН, ТОЙУҢ КУТ БОЛСУН!

Кудайдан дайым сурадым,
Тойуңду көрүп турамын.
Бактыңды тилейм жашоодо,
Ырдесте сага сунамын.

Досторуң келип тойуңа,
Куттуктап сени турушат.
Бактылуу жаша Руслан деп,
Гүл десте сага сунушат.

Орундап максат оюңар,
Кут болсун күткөн тойуңар.
Ак бата берем силерге,
Ачылсын шыдыр жолуңар.

Ак сарай болсун үйүңөр,
Сүттөй ак болсун сүйүүңөр.
Махабат балын бир татып,
Дайыма кошо жүрүңөр.

## ТАЗА СҮЙҮҮ

Бүркүткө салыштырам мүнөзүңдү,
Мени эстеп сагынбастан жүрөсүңбү?
Чын эле сүйүп калдым бир өзүңдү,
Эч болбосо жөнөтчү сүрөтүңдү?

Көп эстеп сагынамын бир өзүңдү,
Жадырап жайдай болгон мүнөзүңдү.
Жылдызым эч оорубай көпкө жаша,
Жүрөктө дайым сактайм күлгөнүңдү.

Сүйүүм эң бир таза булак сымал,
Сүйүүм жарык берген чырак сымал.
Сүйүүм таза бойдон жашай берет,
Чын сүйүүгө түшүнгөн таазим кылар.

## ӨКҮНҮҮ

Жараткан неге перзент бербеди экен,
Арманым арыбастан өтүп кетем.
Кайсыл жерим жакпады бир өзүңө,
Перзент жытын жыттабай өксүп келем.

Ай өтөт, жылдар өтөт карып барам,
Эч качан айыкпайт ко менин жарам.
Бир перзент бербедиң деп сени айыптайм,
Мен үчүн болдуң экен мынча сараң.

Кыйналдым «мен» жалгыздык жанга батты,
Күндөрүм жай баракат өтүп жатты.
Өкүнөм бул дүйнөдө жалгыздыкка,
Жалгыздык жүрөгүмө канжар сайды.

Жараткан кечирип кой жаман айтсам,
Жүрөгүмө кол салды тажаал шайтан.
Людмиланы, Аиданы мага бердиң,
Кудайга таазим этип артка кайтам.

## БИЗ ҮЧҮН ӨЛГӨН ЖОКСУҢ САНЖАРБЕГИМ

***(Күлгүндөй жаш курагында бул жарык аалам менен кош айтышкан Санжардын жаркын элесине арналат)***

Караныңа зар болом Санжарбегим,
Эч унутпай эстешет Чаувай элиң.
Карааныңдан кагылайын бейиш кушум,
Жүрөгүмдө өчпөс болуп калды элесиң.

Он алты жыл жарк этип өтүп кеттиң,
Апаңдын жүрөгүнө тузду септиң.
Таш боор ажал арабыздан алып кетти,
Унуталбай жүрөбүз эстеп сени.

Бейиш кушум, көпөлөгүм, кагылайын,
Элесиңди унуталбай жүрөм дагын.
Түшүмдө көрөмбү деп күндө күтөм,
Сени ойлоп өмүр бою сагынамын.

Өмүрүң неге мынча кыска экен,
Кудайга сенин жаның керек бекен.
Жанымды эгер менин керек десе,
Ойлонбой кайыл болуп берер элем.

Ишенбейм каза болуп калганыңа,
Ишенбейм жер бооруна барганыңа.
Ишенбейм бизди таштап кеткениңе,
Ишенбейм жер астында жатканыңа.

Бейиштин кушу болуп учуп жүргүн,
Жаннаттан орун алып ойноп күлгүн.
Көрөрмүн чын дүйнөдө убак келсе,
Барамын кучак жайып мени күткүн.

## ЖАШТЫГЫМ ЭСИМДЕ

Төрөлдүм мен Жалал-Абад жеринде,
Чоңойдум мен Кара-Дарыя элинде.
Сепеленңдеп достор менен жүгүрүп,
Балалык кез өттү суунун жээгинде.

Классташтар дайым менин эсимде,
Жашай берет көңүлүмдүн төрүндө.
Бир партада он жыл бирге отурган,
Бир  туугандай классташтар эсимде.

Унутулгус өткөн жаштык кезимде,
Ойночубуз канал бойлоп жээгинде.
Жаштык кезиң артта калат турбайбы,
Калат экен жыл өтсө да сезимде.

## САНЖАРЫМ ӨЧКӨН ЧЫРАГЫМ

Баш жагыңда каның агып шорголоп,
Ыйлап жазам колдо калем жорголоп.
Периштелер болсун сенин жолдошуң,
Көз жумулуп каректериң тордолот.

Соолуп жаттың Санжарбегим узарып,
Эки колуң жамбашыңа кыналып.
Көзүң ачкын, кагылайын балам деп,
Жараткандан өмүрүңдү сурадык.

Жаратканым уккусу да келген жок,
Таш боор ажал сени бизге берген жок.
Көп сагынам кагылайын Санжарым,
Не кылабыз чыдадык биз айла жок.

Досторуң бүт гүлгө ороп кооздоду,
Боору ачып баары ыйлап боздоду.
Бирге окуган күндөрүңдү эстешип,
Турат баары сенин күлкүң эңсешип.

Баш жагыңда апаң ыйлап отурат,
Руслан, Люда, Аида да чыркырап.
Кош айтышып жан үзүлүп Санжарым,
Кирпиктериң көздөрүңдү жашырат.

Эмне мынча ойлободуң бизди сен,
Жылан менен кумурскага болдуң жем.
Чын дүйнөдө бейиш гүлүн терип жүр,
Кең талаага буудай урук себип жүр.

Атаң ыйлап титреди басалбай,
Аячы сен, кагылайын кудай ай.
Эч ким калбай элдин баары ыйлады,
Бир заматта калдык сени табалбай.

Жаткан жериң жайлуу болсун ылайым,
Буйрук тура, кандай айла кылайын.
Көп ыйладым, кыраалашты көздөрүм,
Оо жараткан, мынча бизди сынадың.

## ӨЗҮҢДӨН ТАПТЫМ СҮЙҮҮНҮН КЕНИН

Алтыным менин, жыргалым дедим,
Өзүңдөн таптым сүйүүнүн кенин.
Түбөлүк калар, көңүлүм самаар,
Курсаң деп эңсейм махабат чебин.

Бир жүрүп терсек сүйүүнүн гүлүн,
Өткөрсөк деймин махабат түнүн.
Түбөлүк өтсүн сен менен күнүм,
Өмүрдө соолбос түбөлүк гүлүм.

Туп-тунук болгон мүрөгүм дедим,
Жүрөгү таза айкөлүм менин.
Кабакты салбай жүрөсүң дайым,
Көңүлү куунак жайдары пейлим.

## АТТИҢ АРМАН

Коштошосуң жылуу сүйүп өбөсүң,
Мен таарынсам эркелетип күлөсүң.
Чоң ыраазы болом абдан Кудайга,
Убактылуу болсо дагы бүлөсүң.

Жарык сымал жылдыз жанган мүнөзүң,
Көрүнөсүң көз күйдүрүп жүрөсүң.
Канча күтөм айтчы деги чыныңды,
Деги мени кантип кандай сүйөсүң.

Бул жашоодо боло албаймын сага жар,
Кызганамын, кыйналамын, ичим тар.
Кудай мага башка жашоо берсе эгер,
Тунук сүйүп түбөлүккө болом жар.

Өтө жашсың, айтууга да уялам,
Өз ичимден сүйүп сени кыйналам.
Жагалданып жан дүйнөнү арбадың,
Эстен кетпейт ошол кечтеги арманым.

## ЖҮРӨГҮМДҮН ТӨРҮНДӨСҮҢ

Аядың сен бербедиң сүрөтүңдү,
Мыскылдап өз оюңда күлөсүңбү.
Жылдызым өзүңө мен таарынбаймын,
Жүрөгүңдү мага арнап жүрөсүңбү.

Жетпесек экөөбүзгө болот арман,
Анда мен ишенбеймин сүйүү жалган.
Өткөн күндөр өкүнсөк келбейт кайра,
Унутулуп баарысы артта калган.

Сен менен түбөлүккө коштошо албайм,
Сенсиз мен бул дүйнөдө жашай албайм.
Өзүңсүз бул дүнүйө караңгы түн,
Үмүт менен күтөмүн жакшылык күн.

Сүйөм деп ыр жазыпсың мага атап,
Үмүт менен жүрөгүм жашап жатат.
Чын сүйүүнү абайлап асырайлы,
Махабатсыз өмүрдө бакыт барбы.

Сүйүүлөр эч бир качан бөлүнбөсүн,
Кымбатым, өчпөйсүң, сен көңүлдөсүң.
Элесиң дайым жашайт мени менен,
Сен дайым жүрөгүмдүн төрүндөсүң.

## АЙТБАЙГА

Мугалим  болуп иштедиң,
Өтө көп сенин милдетиң.
Билимиң эч бир аябай,
Дем алган күнүң билбедиң.

Эртелеп ишке келесиң,
Шашылып тамак жебедиң.
Ак ниет адал эмгектен,
Арыдым такыр дебедиң.

Элиңе тийип керегиң,
Балдарга билим бересиң.
Чымчыктай аруу дүйнөдө,
Чындыкты айтып келесиң.

Канатың болсо учасың,
Ишиңе абдан шашасың.
Жамандык сенден алыстайт,
Элиңдин алсаң батасын.

## МЕН ЖАШАЙМ СЕНИ САГЫНЫП

Булбул жашайт гүлдү сагынып,
Аары жашайт балды сагынып.
Сүтак жашайт түндү сагынып,
Мен да жашайм сени сагынып.

Күн жашайт айды сагынып,
Жылдыз жашайт нурду сагынып.
Ырчы жашайт үндү сагынып,
Жүрөм мен да сени сагынып.

Кирпик жашайт көздү сагынып,
Деңиз жашайт жерди сагынып.
Тил жашайт сөздү сагынып,
А мен жашайм сени сагынып.

Түн жашайт таңды сагынып,
Адам жашайт мээрим сагынып.
Акын жашайт ырга багынып,
Акыл жашайт илим сагынып.

## АЙГҮЛ ГҮЛҮ

Айгүл ташка сүйүшкөндөр сыйынат,
Айгүл деген чындыгында ыйык ат.
Алыс жактан көрүү үчүн меймандар,
Бири артынан бири келип жыйылат.

Айгүл гүлүм атың сага жарашат,
Сени карап көзүм тойбой баратат.
Гүлдөй бергин эли журтту кубантып,
Ыр жазамын Айгүл гүлү сага атап.

Баткен тоого сени кудай эгиптир,
Гүлдөп өс деп, нөшөр жамгыр төгүптүр.
Жигит кыздар кубалашып ойношуп,
Жыпар чачкан жытыңа тан бериптир.

Баткенимди шаңга бөлөп өсө бергин кылымга,
Көз каректен асырайбыз  абайлайбыз чынында.
Жаз айында ачыласың таң калтырып адамды,
Башка гүлгө эч окшобойт коңгуроодой гүлүң да.

Сени жыттап моокум кана наздана,
Айгүл гүлүм гүлдөй бергин түбөлүк,
Назиктигиң рахат берет адамга,
Түбөлүккө сени эстеп жүрөлүк.

## БИЛБЕДИҢ

Өзүң менен кошулуп баскым келет,
Бир жаздыкка баш коюп жаткым келет.
Сүйүп калдым айтсам эгер бир өзүңдү,
Жолугушуу болду го буга себеп.

Кары жашты тандабайт сүйүү деген,
Жаш болсоң да жүрөктөн сүйүп келем.
Сен да сыйлап сүйүүмө канат болуп,
Сүйүү жолун утурлап келет белең.

Көп ойлоп өзүңдү көп сагынамын,
Оюмда дайым сенин жанындамын.
Күтүп да эстей берем саат сайын,
Неге сен келбей койдуң сагынбадың.

Билбедиң менин сүйүп жүргөнүмдү,
Тымызын сага карап күлгөнүмдү.
Мен күткөн махабаттын гүлүн бердиң,
Унутпай бирге өткөргөн түндөрүмдү.

## ЖҮРӨКТӨГҮ ЫРЛАРЫМ

Ачкым келет жүрөктөгү сырларым,
Бир өзүңө жазгым келет ырларым.
Жүрөгүмдө жашайт сенин элесиң,
Жалгыз сенсиң сүйүктүүм жыргалым.

Жылдыз болуп жалжылдаган кезимде,
Өткөн күндөр калат экен сезимде.
Кубалашып сай жээгинде жүгүрүп,
Жыл өтсө да баары калат эсиңде.

Жаркыраган айдын толук кечинде,
Таанышканым дале болсо эсимде.
Эрте кел деп сурандым мен өзүңдөн,
Кечигип сен келдиң кечки бешимде.

Көңүлүмдү курчайт сенин элесиң,
Сагындым мен, деги качан келесиң.
Телефондо жылуу сөзүн аяган,
Жүрөгүң таш, ойлобогон немесиң.

Көпкө жаттым уктай албай ойдолоп,
Жокту эстеп сезимдерим ойгонот.
Назик жүрөк сүйүү ырын ырдаса,
Сенин сүйүүң сезимимде козголот.

Булут басып жамгыр төгөт эшикте,
Күтөм сени суранамын кечикпе.
Токтой турчу нөшөрлөбөй жамгырым,
Караңгы түн ардагымды бекитпе.

## БӨБӨКТӨРҮМ

Мойтоңдогон кагылайын бөбөктөрүм,
Картайганда бел болор жөлөктөрүм.
Үйдөн үйгө жүгүрүп оюн куруп,
Жашоодо жан эргиткен көмөктөрүм.

Гүл жыттанган жытыңдан бөбөктөрүм,
Турмушка өтө зарыл керектерим.
Апа менен энеге кубаныч берген,
Кудай берген берекем белектерим.

Иштен келсем үйүмдө базарымсың,
Чарчаганда көөнүмдү жазарымсың.
Жылытып жан дүйнөмдү кубандырган,
Улгайганда бапестеп багарымсың.

## ИНИЧЕГИМ

Үйдөн келип саламдашып өтөсүң,
Жаш болсоң да кадырыма жетесиң.
Ойлонбоңуз кыйналбаңыз эже деп,
Кетериңде кош айтышып кетесиң.

Көпкө жаша узун болсун өмүрүң,
Колдосун дейм сени дайым теңирим.
Орундалсын ойлоп жүргөн ойлоруң,
Жашоодо сен жигити бол элиңдин.

Эстүүсүң сен өтө сага таң калам,
Мени аяйсың чындыгында таңданам.
Көңүлүмдү көтөрөсүң дайым сен,
Кичи пейил мүнөзүңдү сагынам.

Иничегим жаман болбой, аман бол,
Каалайм сага түп-түз болгон шыдыр жол.
Кайда болсоң унутпагын эжеңди,
Жакшы жаман күндөрүңдө сунам кол.

## КҮТӨМ СЕНИ

Сагынамын алтыным, күтөм сени,
Күтүүгө кубат берет сүйүүү деми.
Үмүт менен жашаймын бул дүйнөдө,
Ак сүйүүмдү актаган гүлүң берчи.

Кичи пейил көпөлөгүм, жүрөк теңим,
Эркем менин, баарына чыдайм дедиң.
Бул сөзүңдү унуталбай көп ойлоном,
Дайым жашайт жанымда нур элесиң.

Көп жыл бою жүрөктөн сүйүп келем.
Чынында кыйын тура сүйүү деген.
Сүйгөнүн канча сүйсөң аздык кылат,
Тажабаймын сагынып эңсегенден.

Сагынганда көңүл ачар ынагымсың,
Жолуксам жан эргиткен кумарымсың.
Түбөлүккө соолубастан бийик өскөн,
Көз жетпес жап-жаш болгон чынарымсың.

Кымбатым сагындырбай эртерээк кел,
Сен менен бирге болуп таратсам чер.
Сагынтпачы, жылдызым, кыйнабачы,
Сенде да жүрөк бардыр ойлонуп көр.

## САКТАБАСАК АЛГАЧКЫ МАХАБАТТЫ.

Көздөрүң өзгөлөрдөн башкачабы?
Сүйүүң аппак кардай таптазабы?
Суранам бир өзүңдөн жалжал көзүм,
Жаман айтсам жүрөккө сактабачы?

Жылуу тиктеп сүйөсүң мени карап,
Дайым бирге болууну эңсеп самап.
Чын эле сагындыңбы мени эстеп,
А мен жүрөм сени ойлоп жалгызсырап

Жүрөктөрдө ак сүйүүнүн оту жанат,
Телефондон сүйлөшүү болду адат.
Ар күнү мен укпасам добушуңду,
Жүрөк чиркин чок болуп күйүп барат.

Сүйүүң бир өзүмө болду канат,
Сени эстеп сүйлөшөмүн айды карап.
Өзүң менен болсом дейм бул жашоодо,
Суранамын болчу мага аккан булак.

Муздар эрип тунук суу тоодон агат,
Махабатың мен үчүн болду шарап.
Сагынганда ыр жазам сага арнап,
Ак сүйүүгө жүрөгүм толкуп барат.

Сааттын жебесиндей тездик менен,
Өмүр чиркин өтүүдө кагып канат.
Сактабасак алгачкы махабатты,
Арман менен өтөбүз бекер жашап.



## АЛТЫН АПАМ – ЫЙЫГЫМ

Апакем, алтын апам кагылайын,
Эстеймин дайым сени сагынамын.
Көрбөсөм көөдөнүмө куса толуп,
Сагынычка саргайып багынамын.

Апакем, көөнүң кенен деңиз сымал,
Багымда эң бийиги сенсиң чынар.
Балам деп баарын артка сүрүп салып.
Балкыган бакыт таптың кылым сыңар.

Алтын апам, ак көңүл менин апам,
Жашоодо өмүр берген жоктур катаң.
Ак сүтүңдү аябастан мага берген,
Канткенде кайтарам деп ойго батам.

Ак кардай бубак баскан чачатарыңдан,
Мен барсам жолум тосуп басканыңдан.
Сүйүнгөндө сагынып мөлтүрөгөн,
Деңиздей туздуу болгон жаштарыңдан.

## АК - БУУРА ЖАШООЛОРГО ӨМҮР БЕРЕТ

Ак – Буура көөнүң кенен деңиз сымал,
Ошума сулуулугун кошуп турар.
Көргөн эл көңүл бөлүп суктанышып,
Тунуктугун жүрөккө түйгөн чыгар.

Суу чачышып ойношуп сүйүнүшүп.
Жээгинде улан-кыздар суугa түшүп,
Баарына ырахат берген салкындыгың,
Туптунук тамчыларың –бал кымызың.

Ак-Буура дарактарга өмүр берет,
Элиме тунук сууң өтө керек.
Агымың түпкүлүгү токтобосун,
Атың бийик айтылып зоболосун.

Суусун ичсең чаңкооңду дароо басар,
Тиктесең көңүл эргип чериңди ачар.
Кылымдарды карытып ага бергин,
Ак-Буура өзүң жалгыз көзгө басар.

Ак-Буура мелт-калт болуп агып жаттың,
Сууң ичип бет чайууга өтө шаштым.
Сени менен өткөргөн бир күнүмдү,
Унуталбай кубаныпы үйгө кайттым.

## ӨМҮР БОЮ КҮТӨ БЕРЕМ СЕНИ МЕН

Жок дегенде болуп калсам көгүчкөн,
Сен дегенде учуп өтөм деңизден.
Жылуу сөзүң кубандырат өзүмдү,
Узун боюң турпатыңа келишкен.

Кумарланып кучагыңа кубулсам,
Сөз берметин төгүп анан жуунсам.
Жүрөк чиркин эрип барат акырын,
Көздөрүмдү өөп жатса жумулган.

Кезиккенде сыйлашып биз жүрөлүк,
Бирге болуп көңүл ачып күлөлүк.
Учкан куштай өмүр өтөт билинбей,
Артта калат жаштыгыбыз күлүңдөй.

Өзүң болдуң бул дүйнөдө үмүтүм,
Сагынамын эстейм сени күнү-түн.
Бир болбосок бул жашоодо экөөбүз,
Айтчы турмуш нурун төгөт ким үчүн.

Ак шумкарым көктөгү көз жетпеген,
Махабатым айтууга сөз жетпеген.
Тартуулаймын жүрөгүмдү өзүңө,
Сагынчтан дайым сени эстеген.

Жалжал көзүм, жакшы көрөм сени мен,
Неге мынча түшүнбөдүң аны сен.
Махабатым түгөнбөгөн байлыгым,
Өмүр бою күтө берем сени мен.

## АЛДАНАМ МАХАБАТТЫН СЫЙКЫРЫНА

Кээде мен өзүмө – өзүм айран таңмын,
Ойлонбой татаал жолго кирип алдым.
Кыйналам түнү бою уктай албай,
Таң атат, түн күзөтүп санаадамын.

Чын эле бул дүйнөдө сүйүү барбы?
Сүйгөндөр бир-бирне өтө зарбы?
Алдап кетсе арзышкан бирин-бири сүйүүсү,
Ант берген ак сүйүүсү кайда калды.

Ишенем мен өзүңө жетпесиме,
Түшүнөм бирге жашап кетпесиме.
Алданам махабаттын сыйкырына,
Сеземин бакыт кушу келбесине.

Бир күнү ажырашар убак келет,
Кандайдыр бир өтмүштөр болот себеп.
Тагдырыбыз бирге эмес бөлүнөбүз,
Кудай бизге бериптир күндү ченеп.

## ЭЛ МАКТАСЫН

Сулуумун деп мактанасың эби жок,
Сулуулар көп бул дүйнөдө теңи жок.
Эсиң болсо мактанбагын эч качан,
Эл мактасын жүрө бергин көңүл ток.

Узун болсо кирпиктериң өзүңө,
Көзүң жаап түшүп турса көзүңө.
Көйрөңдүктү таштап койгун түбөлүк,
Капа болбо ачык айткан сөзүмө.

Таң калтырат сулуумун деген сөзүң,
Ашыкча эмес элдикиндей көздөрүң.

Өзүңдү сен эч жогору койбогун,
Аша чаппа башканы да ойлогун.

Мактандың сен менден башка укпасын.
Айткан сөзүм эч эсиңден чыкпасын.
Андан көрө таза болсун жүрөгүң,
Жакшы мүнөз сапатыңды эл сыйласын.

## САГЫНЫЧ

Уктай албай жыпар жытың сагынып,
Аппак денем кучагыңа багынып.
Өзүң бардай жаздыгымды сыйпалайм,
Жоктугуңа калам анан таарынып.

Үмүт менен жашап келем сен деген,
Сен дегенде жүрөк байкуш дегдеген.
Сагынчтан кызгалдактай ыргалып,
Кечиремин күндөрүңдү келбеген.

## АТАМА

Атакебай бөпөлөп бактың мени,
Сагынчтан ич күйүп эстейм сени.
Эрте кеттиң оо дүйнө сапар тартып,
Ачык болсун өзүңө бейиш төрү.

Атакебай сизди эстеп сагынамын,
Айла канча жазмышка багынамын.
Эч болбосо түшүмдө келсең боло,
Элесиңди көрүүгө зарыгамын.

Мына азыр тирүү болсоң багар элем,
Бапестеп чайың демдеп караар элем.
Кудайдан өмүрүңдү тилеп дайым,
Ак мээнет эмгегиңди баалайт элем.

## ГҮЛДӨЙ БЕРСИН СҮЙҮҮ БАГЫ

Унутпайм күн сайын ыйласам да,
Жүрөгүмдү оорутуп кыйналсам да.
Сен деген үмүт менен жашай берем,
Жылдызым жүрөгүмдүн кыйбасы да.

Ойлонсом түтөп кетем ичте жалын,
Эстегенде чыдабай кайнап каным.
Айла тапчы суранам бир өзүңдөн,
Жай алсынчы кыйналбай менин жаным.

Күчөп барат сүйүүм улам арып,
Сындырбачы көктөгөн сүйүү шагын.
Келгениңде күлмүңдөп күтүп алган,
Өсө берсин жап жашыл сүйүү багым.

## ТАТААЛ ТАГДЫР

Көз жашым тып -тып агып дайра болду,
Үмүтүм суусуз калган гүлдөй соолду.
Бир өзүм кирип алып туюк жарга.
Сени күтөм келет деп сокмо жолду.

Мынча менин тагдырым татаал экен,
Сөздөрүңдү эстесем күйүп кетем.
Өмүр менен коштошуп кетким келет,
Алып кетсем сыр түйүнүн өзүм менен.

Шордуу бекен пешенем, көппү катам,
Өзүмдү мен жек көрүп ойго батам.
Тагдырыма таарынып телефонду,
Шыңгырашын сагынып күтүп жатам.

## ШАМАЛ

Ырахмат сага шамалым, мени аядың,
Эркелетип саамайымды сен сыладың.
Кулагыма шыбырап ыйлаба деп,
Сен болбосоң жалгыз мен не кылмакмын.

Чарчабагын, шамалым, сого бергин,
Жалгызмын мен күтөмүн кайра келгин.
Бүгүн менин сырдашым болдуң достой,
Жашым арчып жашоого түрткү бердиң.

Салам сага шамалым кайтып келдиң,
Кайрылат деп сүйүүңдү күтүп жүрдүм.
Ыйлабадым болсун деп сен айткандай,
Өмүрүмдүн бактысың жапжаш күлгүн.

## ТААЗИМ ЭТЕМ ДИЛИМДЕН

Сабыр гыштан бирди алып кынабай,
Ыйлайсың ээ сагынычка чыдабай.
Сүйүптүрсүң жашы кичүү жигитти,
Тандап алып жигиттерден бир далай.

Элүү жашка аяк баскан кезимде,
Жалбырактай үлбүрөгөн сезимде.
Сүйүү боздойт чертип арман күүлөрүн,
Ажырашкыс болуп калсак эмине.

Дартыңа мен даба таппай ылайык,
Тамчы жашым кирпигимде  кылайып.
Бакыт каалап таазим этем дилимден,
Кучагыңда турбасам да кыналып.

## СӨЗҮҢДӨН КАЙТТЫҢ БЕКЕН

Жакшы күн келет деген,
Жашаймын үмүт менен.
Жылдызым күтөм сени,
Мээримдүү кучак кенен.

Бактылуу болдуң бекен,
Тандаган гүлүң менен.
Элжиреп сүйөмүн деп,
Булбулдай үнүң менен.

Жаркырап күлмүң эткен,
Жылмайып күлдүң бекен.
Жүрөгүң сезген чыгар.
Кызганып күйүп келем.

Сүйөм деп айттың эле,
Сөзүңдөн кайттың бекен.
Тандаган гүлүңдөн сен,
Сүйүүңдү таптың бекен.

Сүйүүм жашай берет,
Түбөлүк сени менен.
Сүйүүлөр арам эмес,
Деңиздей түбү терең.

Өзүңдөн күтпөдүм мен,
Сүйүүдөн кайтышыңды.
Башкага кеттиң эми,
Өзгөртүп жаздыгыңды.

## РУСЛАНГА

Русланым менин жүрөгүм,
Сүйкүмдүү сенин мүнөзүң.
Ызаттап мени дайыма,
Мээримиң төгүп жүрөсүң.

Русланым менин медерим,
Ай менен күнгө теңедим.
Сагынып жүрөм сени эстеп,
Кудайым берген белегим.

Руслан балам жыргалым,
Сүрөтүң карап жыттадым.
Кай жерде болсоң аман бол,
Жараткан өзү сактасын.

Батасын алгын атаңдын,
Ак сүтүн акта апаңдын.
Ыраазы кылсаң аларды,
Бактылуу болуп жашаарсың.

Насаат айтса атакең,
Түшүнүп уккун аны сен.
Эч качан жаман болбойсуң,
Атанын сөзү алтын кен.

Сөз сүйлөсө апакең,
Көңүл бургун ага сен.
Кем болбойсуң жашоодо,
Апанын сөзү күмүш кен.

## ДОСУМ АЙКӨКҮЛГӨ

Дарылап жашын карысын,
Ылгабай элдин баарысын.
Ырахмат айтып жүрүшөт,
Укканым туура баары чын.

Түйшүктөн эч бир качпайсың,
Өз ишиң сүйүп барктайсың.
Ооруса кокус коңшусу,
Өмүрүн анын сактайсың.

Түгөйүң сенин Келдибек,
Балдарың эстеп элжиреп.
Ак ниет менен иштейсиң,
Жашайсың дайым элди деп.

Кызыңа айттың дартыңды,
Сүйөсүң абдан калкыңды.
Элиңе каалап ден соолук,
Жоготпой келдиң баркыңды.

Журтуңа тийип керегиң,
Чакырса шашып келесиң.
Үйрүлүп түшүп үстүнө,
Абайлап «укол» бересиң.

Жашай бер Көкүл көп жылга,
Жамандык ишке умтулба.
Убайын көргүн балдардын,
Даңазаң чыгып  калкыңа.

Тилеймин сага жакшылык,
Жүрө бер досум каткырып.
Уулуңдун уулун жетелеп,
Жүрөктү жүргүн шат кылып.

## ЧЫНДЫК ЖЕҢЕТ ДАЙЫМА

Чындык деген ыйык сөз бар адамда,
Жалган сүйлөп алдаган бул жаман да.
Чындык менен өмүр өтсө жашоодо,
Кылган ишиң жеген наның адал да.

Чынчыл адам жашоосунда кар болбойт,
Жалганчынын эч бир иши оңолбойт.
Ойлоп көргүн алдабагын бирөөнү,
Алдоо менен бириң эки эч болбойт.

Ишенемин, чындык жеңет дайыма,
Кубанамын чындык сөздүн барына.
Жашай бергин ар бир үйгө кут берип,
Чындык сени күтөм дайым сагына.

## РАХМАН МЕНЕН ЧАМАНГА

Чаман дос менин сырдашым,
Мен үчүн дайым сыйдасың.
Каалары‌м сага амандык,
Жамандык эч ким кылбасын.

Дөөлөтү үйдүн Рахманың,
Сүйүүдөн издеп тапканың.
Түбөлүк бирге болгула,
Бир көрүп таңдын атканын.

Кыздарың соолбос булагың,
Кудашың үйдө чырагың.
Турмуштун кыйын күнүндө,
Эриниң тиштеп чыдадың.

Чаман дос сенден сурарым,
Жанымда дайым турарым.

Сыйладың мени ар дайым,
Асыл дос сенсиң ынагым.

Рахманың сенин медериң,
Бактылуу күнүң кечегиң.
Бул ырды сага тартуулайм,
Жүрөктөн чыккан белегим.

Ишенбе ушак айтканга,
Башыңды көтөр асманга.
Кыйналып эч бир өкүнбө,
Өмүрүң өтүп жатканга.

Жыйынтыктайм ырымды,
Жаздым деп ойлойм чынымды.
..Аз дагы болсо билемин,
Ичиңе каткан сырыңды.

Чаман дос гүлдөй жайна,
Жаштык да келбейт кайра.
Бактылуу күндөрүбүз,
Калды го кең Чаувайда.

# 2-Бөлүм

# ЖАН ДҮЙНӨ

## ҮПӨЛГӨ
***(азил тамаша)***

Коңшу сөрөй Үпөлүм,
Ача гой тез-тез дүкөнүң.
Арагың эптеп сата албай,
Ичиңден күйүп жүдөдүң.

Шимирдиң ачык аракты,
Таштачы ошол адатты.
Пиводон көзүң үзбөйсүң,
Канышты бул иш жадатты.

Таштабай  ошол адатты,
Пивону эстеп таң атты.
Күндөн-күнгө көбөйттүң,
Унутуп жебей тамакты.

## СИҢДИМ СОНЯГА АРНАЛАТ

Соня сиңдим ар дайым,
Жардам колуң сунасың.
Тазалык –тартип жагынан
Баарынан алга турасың.

Абаниң жүрөт керилип,
Духини тандап себинип.
Көз-көз кылып өзүнү,
Сүйүктүү кызга көрүнүп.

Назгүл кызың периштең,
Албырып жүзү келишкен.
Жигиттер көрүп сукtанып,
Тамшана карап өтүшкөн.

Кенже уулуң  Ильязың,
Таң калтырат кыйласын.
Карыганда сени аяп,
Дайыма сени сыйласын.

Балдарың сени сагынар,
Чебердик жагың дагы бар.
Бүтпөсө ишиң өкүнбө,
Турмушуң секин агылар.

## КЕЧИР

Кечирип кой жылдызым катуу тийдим,
Жүрөктүн тереңинде чындап сүйдүм.
Кармай албай өзүмдү ошол күнү,
Жаналгычтын кейпине билбей кирдим.

Кечирип кой, кечиргин, жаным эркем,
Бул дүйнөгө жаралып сен деп келгем.
Күтөмүн, дайым күтөм, жалгыз сени,
Капа болбо, жылдызым мени сүйсөң.

Суранам, бир өзүңдөн алдабагын,
Жаман айтсам жүрөккө кармабагын.
Сага айтарым жыргалым суранарым,
Тебелебе сүйүүнүн ай жамалын.

Мен ойлопмун сүйүүбүз бүттү окшойт деп,
Жалгыздык кайра мени күттү окшойт деп.
Дарыгердей дартыма даба бердиң,
Болду го кызганычтан айтылган кеп.

## ДОСТОРУМ

Олтурабыз дайыма биз оюн куруп,
Чын көңүлдөн сөз айтып колду сунуп.
Сырдашып ырахатта көңүл ачып,
Ыр ырдап  бир-бирине кесе сунуп.

Ызаттап  чай узатып көңүл буруп,
Аштан ал деп, - бир-бирин ызат кылып.
Ырдагыла бийлегин досторум дейт,
Комузда күү ойноткон сулуу жигит.

Күн өтөт айлар өтөт жылдар жылып,
Эч качан бөлүнбөйлү биздин «круг».
Өмүрлөр өтүп жатат билинбестен,
Өткөрөлү жашоону ойноп күлүп.

Көктөмдө суулар агат өтө тунук,
Ошондо жолугалы биздин «круг».
Кызгалдактар ачылган гүлзарларда,
Олтуралы кайра кайра кесе сунуп.

Чакырамын үйүмө конок кылып,
Кабыл алып сыйлаймын өтө сылык.
Ачык мүнөз шайыр шат досторум бар,
Суктанамын аларга карап туруп.

## ЭСТЕЙ БЕРЕМ

Эстейм  сени жер көгөргөн көктөмдө,
Эстейм сени жигит кызын өпкөндө.
Эстейм сени булбул куштар ыр курап,
Жер энеге булут мээрин төккөндө.

Күтөм сени күн жадырап күлгөндө,
Күтөм сени гүл ачылган күндөрдө.

Күтөм сени айлуу жарык түндөрдө,
Күтөм сени сүйүү чачкан күүлөрдө.

Сүйөм сени жүрөк токтоп калганча,
Сезимимди алмаштырбайм жалганга.
Сүйө берем чын сүйүүдөн кайтпаймын,
Калсам дагы бул жашоодо арманда.

## МЭЭРИМ МЕНЕН СҮЙӨ БИЛ

Уяттууда намыс болот, ар болот,
Туруксузда тунук сүйүү кор болот.
Мээрим менен сүйө билгин бирөөнү,
Ал да сага ишеничтүү жар болот.

Эки дайра кошулганда көл болот,
Сүйүшкөндөр жетишкенде нур болот.
Баш кошууга сөз беришсе эки жаш,
Алар үчүн унутулгус күн болот.

Жетишпесе сүйүшкөндөр жашоодо,
Бул дүйнөдө бүт нерседен кем болот.
Бирге татса махабаттын балыны,
Бүт өмүргө кубат болот дем болот.

## АК СҮЙҮҮГӨ КЫЯНАТТЫК КЫЛБАГЫН

Көп ыр жаздым сени кошуп ырдадым,
Жарабайт ко таш боорлугуң кылганың.
Акыл менен өтө тереӊ ойлоп көр,
Жигит деген намысыңды булгадың.

Эй жаш жигит ийилгениң сынганың,
Түшүнө бил махабаттын сырларын.
Кылдат кенен ой жүгүрткүн баарына,
Ак сүйүүгө кыянаттык кылбагын.

## ЧАУВАЙЛЫК ИНИМ УЛАНГА

Өтө шайыр иним бар Улан деген,
Жүрөгүмдөн дайыма сыйлап келем.
Чоң кичүүгө карабаай салам берип,
Көңүлүң да күн-айдай куунак белем.

Чындыгында жүрөгүң өтө кенен,
Куунактыгың күлкүңө жоктур ченем.
Бул күндөр да билинбей өтүп кетер,
Эх чиркин! Аз турбайбы өмүр деген.

Бул дүйнөгө апкелген ата – энең,
Аларга тизе бүгүп таазим этем.
Сага дайым эң жакшы таалим берген,
Ата-энеңдин сөздөрү алтын кенден.

Чаувайдын кулунусуң Уланым сен,
Бир туугандай өзүңдү сыйлап жүрөм.
Келечекте ылайым бактылуу бол,
Сага өмүр каалаган Сакина эжең.

## ИНИМ МАМЫРГА

Мамыр иним тал чыбыктай ийилесиң,
Өзүңө жарашыктуу кийинесиң.
Чындап сени кудай тандап жаратканбы,
Көргөндүн көз жоосуна ирмелесиң.

Тилейм сага бактың эч бир бөлүнбөсүн,
Мамыр иним өчпөйсүң сен көңүлдөсүң.
Кылымдарды карытып жашай бергин,
Сен сыйлаган акындардын сөзүндөсүң.

Алган жарың сени менен бирге болсун,
Дасторконуң дайыма нанга толсун.
Жигит пирим колдосун эл колдосун,
Сүйгөн гүлүң гүлдөсүн эч соолбосун.

Апаң дагы ызат көрүп жүрө берсин,
Үй-бүлөңдүн ишенгени жалгыз сенсиң.
Дөңгөлөктүү ак жоргоңдон шамал өтүп,
Тапкандарың жакшылыкка насип этсин.

## САГЫНДЫМ, СЕНИ САГЫНДЫМ

Жолугуп сага эртелеп,
Жаныңда турдум эркелеп.
Колтуктап басып өзүңдү,
Өткөндү эстеп күлчү элек.

Кайгырдым, жаным айрылдым,
Чын сүйсөң кайра кайрылгын.
Сөз берип аны  аткарбай,
Канатым неге кайрыдың.

Ыйлайт ко жүрөк сагынып,
Күндөрүм өтөт агылып.
Түбөлүк бирге болбодук,
Сүйүүнүн оту жагылып.

Сагындым сени сагындым,
Ичинде жүрөм жалындын.
Айласын таппай сүйүүнүн,
Ак-Буура болуп агылдым.

## КУРУТАСЫҢ ӨПКӨҢДҮ

Тамекини чегесиң түтүн бурап,
Өтө зыян өпкөң калат куурап.
Тамекини чегүүнү ташта бүгүн,
Өмүрүң өтөт жыргап жана куунап.

Өмүр бою келесиң денеңди ыштап,
Чегесиң сен өзүңдү- өзүң кыстап.
Таштасаң тамекини эгер чындап,
Көңүлүң шат жүрөсүң болуп куунак.

## АРАК ИЧПЕ, АЛИ ЖАШСЫҢ

Өзүң сулуу өтө жашсың,
Күн сайын ичип массың.
Таң ата бетти жуубай,
Дүкөндү көздөй бастың.

Билбейсиң даамын аштын,
Себеби өтө массың.
Тазасына акчаң жетпей,
Самагондон тоё бастың.

Түнү өзүңдү билбей жаттың,
Чочкодой оонап массың.
«Пахмелге» акча таппай,
Үй буюм баарын саттың.

## ТААРЫНБАЙМ

Өкүнбөйм кайра мага кайтпасаң да,
Сүйөм деп мурдагыдай айтпасаң да.
Жолугуп калсаң эгер кокусунан,
Таарынбайм мага карап баспасаң да.

Мейли эми мурдагыдай сүйбөсөң да,
Жаркылдап мээрим төгүп күлбөсөң да.
Чын сүйүүлөр жолуккан гүлзарларда,
Сагынып мени издеп жүрбөсөң да.

Мейли эми ак сүйүүмдү билбесең да,
Жек көрүп жүрөгүңдөн тилдесең да.
Биз жүргөн көчөлөргө кайра кайтпай,
Мага арнап жаз гүлдөрүн тербесең да.

## УНУТУЛГУС МАХАБАТЫМ АРМАНЫМ

Билбедиң чындап сени сүйгөнүмдү,
Уйкусуз сени күткөн түндөрүмдү.
Шамалсыз  айлуу түндү унуттуңбу,
Тебелеп сага арнаган гүлдөрүмдү.

Эстеймин дайым сени эстей берем,
Күйсөм да бир өзүңө жетпейт элем.
Сендеги  жоодураган көз карашты,
Издеп мен эл ичинен таппай келем.

Жакыным жандай көргөн көгүчкөнүм,
Көп жигиттин ичинен сени издедим.
Тымызын сүйүп жүрдүм бир өзүңдү,
Сүйбөдүң аябадың же билбедиң.

Түн ичи булбул куштар обон салат,
Отурам ырын угуп сени самап.
Сагынам сени эстеп жүрөк сыздап,
Канат болсо учмакмын сага карап.

Булбулдун коштоосунда таң да атат,
Алгачкы үмүт менен жүрөк сыздап.
Армандуу махабатым унутпаймын,
Жүрөктө жазылбаган сырлар калат.

## АКДАНАГА АРНАЛАТ

Кесибиң жакшы сүйөсүң,
Бөбөктөр күлсө күлөсүң.
Балдарга болгон мамилең,
Мээримдүү сенин мүнөзүң.

Турмушта каалайм жакшылык,
Үйүңдө болсун барчылык.
Бактылуу болуп жашагын,
Жүрбөгүн эч бир кайгырып.

Акдана деген атыңдан,
Ишиңде болгон баркыңдан.
Кылдаттык менен иштейсиң,
Алдыңа койгон антыңдан.

Куту болгун үйүңдүн,
Үй-бүлөң күлсө сүйүндүң.
Сумсайса эгер балдарың,
Ичиңден сыздап күйүндүң.

Үйүңдө болуп тазалык,
Жүрө бер сиңдим жасанып.
Жүрөктөн сыйлап достошуп,
Бир жүрүп көңүл ачалык.

## БЕРМЕТ СИҢДИМ

Акберметим не деп айтам билбедим,
Май айында жаман болду күндөрүң.
Айдай балаң таштап кетти түбөлүк,
Жүрөк ооруп уктабаган түндөрүң.

Бермет сиңдим жазганы экен чыдагын,
Чыдабашка айла канча чырагым.

Ичим күйөт сени аяймын кубатым,
Бир боорумсуң кагылайын ынагым.

Санжарбегиң сенин эле өмүрүң,
Жүрөт эле көтөрүңкү көңүлүң.
Калганына кудайга, шүгүр кылалы,
Үч балаңды колдосун өзү теңирим.

Кайрат кылып өзүңдү да ойлогун,
Бизди аягын унутуп сен койбогун.
Наалат айтам каргыш тийсин өлүмгө,
Оо кара жер неге мынча тойбодуң.

## МИЛИЦИЯНЫН ПОЛКОВНИГИ АДЫЛ АКМАТАЛИЕВИЧКЕ

Көп жыл бою эл башкарып иштедиң,
Чарчадым деп дем алууну билбедиң.
Кылмыш ишин ачык айкын далилдеп,
Эл алдында намыс менен иштедиң.

Уктабастан кылмыш ишин ачасың,
Таң азандан ишке карай шашасың.
Адилет кызматыңа эл ыраазы,
Аксакалдар берет сага батасын.

Адал иштеп эс алууга чыгыпсың,
Кыйналганың , чарчаганың унуттуң.
Адамдарды капа кылуу сенде жок,
Мыйзам менен ишти жөнгө саласың.

Форма кийсең өтө сага жарашат,
Далыңдагы кош жылдызды карашат.
Айдай жарык уул-кызың урматтап,
Жашооңа кубат болуп жанашат.

## КҮЛГҮН КЕЗДИ САГЫНЫП

Өмүр өтөт алга карай шашылып,
Жүрөгүмдө арман күүсү жашынып.
Жылдар жылып, айлар жипке тизилип,
Жаштыгымды алып кеттиң азгырып.

Бир кайрыл деп жаштыгымды чакырып,
Аркасынан мени укчу деп, - зарыгып.
Оо жаштыгым кылчайбадың неге сен,
Жүрөм азыр бир өзүңө таарынып.

Күлгүн кезди жүрөм азыр сагынып,
Жаш улгайып карылыкка багынып.
Күчүң кетип бубак басып чачыңды,
Өтөт экен өмүр чиркин агылып.

## АЛГАЧКЫ СҮЙҮҮМ

Сүйөм сени, кантип сага айтамын,
Алтыным ай көз караштан байкагын.
Кызгалдагым жылмайып бир карачы,
Бир көрүүгө жаныңа мен барганмын.

Эрте келем мектепке күтүп сени,
Сүйбөсөң да жылмайып күлчү эми.
Алгачкы ирет сүйүп калдым өзүңдү,
Бактыма түрткү берет сүйүү деми.

Мектептен кетеримде сени издейм,
Сүйөм деп кантип айтам өзүм билбейм.
Жанымда бир аз турсаң сүйүнөмүн,
Кубанам кайталанса ошол ирмем.

# АЯП ТУРДУМ

Алыстан көз кырымда карап турам,
Жасаган иштериңе көңүл бурам.
Алдымда салам айттың күлүмсүрөп,
Адал ишке ар дайым таазим кылам.

Негедир жакынымдай сезип калдым,
Билбедим же болбосо кандай жансың.
Жан дүйнөмө тымызын кирип алып,
Жүрөгүмдү бүт бойдон ээлеп алдың.

Кандай жансың тынчымды ээлеп алган,
Сыйкырдап жүрөгүмө бүлүк салган.
Аалам кезип сен менен жүргүм келет,
Сени күтөм шылдыр суу булактардан.

Калат окшойт ичте сырлар ачылбай,
Сен келесиң күткөн менин жазымдай.
Суу болот деп аяп турдум ичимден,
Жамгыр төктү ошол күнү басылбай.

Жазгы жамгыр тамчылады жүзүңө,
Кол чатырың болгум келди өзүңө.
Кел алтыным ысытайын жүрөктөн,
Аяп турдум ишен айткан сөзүмө.

Урмат менен чакырамын үйүмө,
Булбул болуп кончу жыпар гүлүмө.
Өзүм үчүн сенин басып келгениң,
Үмүт арзуу тилектерим бергениң.

## МӨЛТҮР БУЛАК

Тоодон аккан жылаажындай мөлтүр булак,
Шылдырап ыр ырдайсың обон курап.
Суусунуңду  кандырам  иче кой деп,
Каяккадыр агасың  мени сынап.

Торгойлор жан-жагында обон курап,
Көркүңө көрк кошулат мөлтүр булак.
Жанында түркүн гүлдөр кулпунушат,
Суу ичип көңүл ачып келдик куунап.

Таш түбүнөн оргуган мөлтүр булак,
Көргөндөр суктанышып көңүл бурат.
Сөз жетпейт сулуулугуң  карап турсам,
Ага бер кылымдарга күчүң чыңап.

## АК СҮЙҮҮНҮ ИЧКЕ КАТЫП

Көп күткөн жазым менин келе койчу,
Аз да болсо жанымда бирге болчу.
Көктөмдө сүйүүлөр да кошо келет,
Ачып кой түгөйлөргө кенен жолду.

Жаз келсе өрүк алма гүлүн ачып,
Буруксуп жан-жагына жыпар чачып.
Кыялбай көпкө жүрдүк өрүкзарда.
Келаттык кол карамашып илкий басып.

Буралып роза гүлдөр гүлүн ачып,
Көпөлөктөр учушат балын татып.
Сүйүшкөндөр жолуккан гүлзарларга,
Улан-кыздар бара жатты бирге басып.

Биз жүрдүк гүл аралап колтукташып,
Магдырап сүйүүлөрдүн даамын татып.
Кайтарда жылуу тиктеп күлүмсүрөп,
Уяң назик ак сүйүүнү ичке катып.

## КҮЛМҮҢДӨГӨН ГҮЛДӨРҮМ

Гүл канаама эртелеп мен киремин,
Гүлдөрүмө тегиз салам беремин.
Эркелетсем ыргалышат гүлдөрүм,
Мен аларга абдан көңүл бөлөмүн.

Гүл идишке олтургузам абайлап,
Гүлдөшүңдү көпкө күтөм мен самап.
Гүлканамда термелемин гүлдөргө,
Толкундап ырлар жазсам сага арнап.

Гүлдөрүм да мага карап күлгөнсүйт,
Жакшы көрүп караганым билгенсийт.
Гүлдөй бергин назик гүлүм түбөлүк,
Жыпар жытың дайым жыттап жүрөлүк.

Гүлканамда түрдүү-түмөн гүлдөр бар,
Жакшы көрсөң каалаганың тандап ал.
Мас боломун аңкып турган жытына,
Аппак болуп бажырайган «Кал» гүл бар.

## СҮЙҮҮМДҮ ТЕРЕҢ КАТАМ

Жылдызым ушунчалык кымбат белең,
Таппадым издесем да өзүңө тең.
Жылдыздай жымыңдаган көздөрүңдү,
Күн сайын куса болуп эстей берем.

Канчалык кааласам да жетпей келем,
Күлүп койсоң жанымды жаздай сезем.
Болсом эгер көпөлөк учуп жүргөн,
Сен өстүргөн гүлзардан кетпейт элем.

Жолукканда салам айттың ызат менен,
Сагынып көз кырымда карай берем.
Мени да түшүнөрсүң мезгил келсе,
Сүйүүмдү үмүт менен катам терең.

## ИНИМ КУБАТКА

Кубат иним сабырдуусуң  өтө сен,
Ызат кылып дайым сени сыйлайм мен.
Кылдат терең ойлоп көрүп иш кылдың,
Акылыңа чындыгында жоктур тең.

Эже дедиң көргөн жерде сыйладың,
Унутпаймын мага ызат кылганың.
Мен да сени урматтаймын инимдей,
Терең ойлоп сен да аны сындагын.

Жүргөн жериң дөңсө болбой түз болсун,
Кудай колдоп ишиң алга оңолсун.
Сага каалайм узун өмүр ден-соолук,
Үй бүлөң да сени менен бир болсун.

Кубат атың сага абдан жарашат,
Чын досторуң суктанышып карашат.
Уулусуң сен кыргызымдын келишкен,
Кубат иним ыр жазамын сага арнап.

## УЛУКБЕК ИНИМЕ АРНАЛАТ

Улукбегим урматтаймын дайыма,
Урмат сыйга татыктуусуң айылда.
Достор менен кубалашып суу кечип,
Чоңойдуң сен Чаувайымдын сайында.

Балдарың да болсун сенин жанында,
Алган жарың бирге болсун алдында.
Жакшы күндөр болсун сенин жолдошуң,
Ой максатың орундалсын жайында.

Улук иним жакшы көрөм баарынан,
Сый урмат көр уул-кызың жарыңан.
Өмүр тилейм  бакыт каалап өзүңө,
Бир туугандай көрүп сени сагынам.

Жаратканым колдосун ар жагыңдан,
Эч кетпесин булбул сайрап багыңдан.
Бул дүйнөдө жамандык эч көрбөгүн,
Узак жашап бактылуу бол баарынан.

## ИСФАЙРАМ ДАРЫЯГА

Исфайрам суу агасың убап-чубап,
Сенин сууң элиме берет кубат.
Элиңе өмүр ташып ага бергин,
Сен болбосоң бак-дарак калмак куурап.

Мелмилдеп көрүнүшүң элге жагат,
Бирге өткөргөн күндөрүм эңсеп самап.
Жээгиңде эс алган күндөрүмдү,
Унуталбайм дайыма эсте калат.

Суу ичип булбул сайрап обон салат,
Балапанын багышып темир канат.
Карап туруп суктанып көз кубанат,
Ага бер соолубастан көпкө жашап.

Жээгинде карап турдум сени сындап,
Оргуштап аккан сууң бизге кымбат.
Шарпылдап кулай бергин таштан ташка,
Элиме жылаажындай тамчың арнап.

## КОҢШУМ СААДАТКА

Саадат сиңдим теңир өзү колдосун,
Турмушуңда кыйынчылык болбосун.
Билип-билбей ката кылсаң кокустан,
Көөнү кенен кудай өзү оңдосун.

Ак сарайдай үйүң сага кут болсун,
Кыздарыңдын тагдырлары жуп болсун.
Турмушуңда ой максатың орундап.
Небереңдин күлкүлөрү жык толсун.

Жашооңдо эч жамандык болбосун,
Коңшу сиңдим унутпаймын ойдосуң.
Ак үйүңдүн куту болуп жүрө бер,
Душмандарың ичи күйүп жок болсун.

Төрт кызың төрт жагыңда жанган чырак,
Кыйналба апаке деп алың сурап.
Аркалап келесиң сен турмушуңду,
Жакшы-жаман күндөргө келдиң чыдап.

Жаныңда коңшуларың алкыш айтат.
Кайратыңа каламын башым чайкап.
Ишенимдүү аткарган жумуштарың,
Көргөндүн баарысын таң калтырат.

## УНУТПАЙМЫН МЕНИ СҮЙГӨН АСЫЛДЫ

Жаш кезимде жактырдым мен өзүңдү,
Жалжылдаган жылдыз сымал көзүңдү.
Жылдар өтүп жолукканда тиктештик,
Өткөндү эстеп көтөрөлү көңүлдү.

Элүү жашта бубак басып чачыңды,
Моюн бербе бийик көтөр башыңды.
Биз карыдык жүрөк чиркин карыбайт,
Унутпаймын мени сүйгөн асылды.

Жолукканда араң сени таандым,
Көздөрүңдөн көрдүм сүйүү жалынын.
Бакыт каалап өмүр тилейм өзүңө.
Өткөрө бер тунук турмуш агымын.

Оорубагын көпкө жаша жалында,
Чоңойдук биз Кара-Дарыя айлында.
Бир тууганда сыйлашалы көргөндө,
Сонун мезгил жолугалы жайында.

## ЖҮРӨКТҮ ЭЗЕТ

Бул жашоодо сен менен жанашпадым,
Жүрөктү эзет сүйкүмдүү караштарың.
Дайым жашайт элесиң мени менен.
Жылмайып мага карап келатканың.

Чын сүйүүдөн эч качан адашпагын.
Сүйүп жүрдүм бирок сага жанашпадым.
Жүрөктүн түпкүрүндө дайым жашайт.
Эркелетип жаным деп мага айтканың.

Сен элең жалгыз менин самаганым.
Күн сайын сенин жолуң караганым.
Сагындым көңүл чөгүп куса болуп,
Келбедиң жүрөгүмдү жараладың.

Сени ойлоп байкабапмын таң атканын,
Булбулдар гүлгө конуп сайрашканын.
Салкын жел сылагылап саамайымдан,
Шашылып сени көздөй баратканын.

## ЫРЧЫ ЖИГИТКЕ

Ыр ырдасаң ырың сага жарашат,
Кыз келиндер суктанышып карашат.
Кичи пейил жылуу жумшак мүнөзүң,
Аябастан элге жагып баратат.

Булбул кушка салыштырдым үнүңдү,
Эсте калат бирге олтурган бүгүнкү.
Көпкө жаша эли журтту кубантып,
Капалыкта өткөрбөгүн күнүңдү.

Дайра сымал ташкындасын талантың,
Бийик учкун кайрылбасын канатың.
Тааныштарың урматтаган сыйлаган,
Достор сүйгөн эң бактылуу баласың.

Сүйгөн жарың урматтасын дайыма,
Дайым болсун уул-кызың жаныңда.
Өркүндөй бер өсө бергин бийиктеп,
Талыкпагын жаштык жалын барында.

Ырчы жигит артта калба алгала,
Бизге өмүр берилиптир аз гана.
Акардеон ойногондо колдоруң,
Келин кыздар тиктеп турсун наздана.

## ЖЫЙЫРМА БЕШ ЖАШЫҢ МЕНЕН!
***(Людмилага арналат)***

Куттуктаймын туулган күнүң менен,
Сага арнап узун өмүр гүлүн терем.
Ден соолук бакыт каалап бир өзүңө,
Эсен соо жүрүшүңдү дайым тилейм.

Туулдуң сен жаңы - жыл айларында,
Чаувайдын эң сонун жайларында.
Достор менен жүгүрүп оюн куруп,
Киринип мөлтүр кашка сууларында.

Балдай ширин жыйырма беш жашың менен,
Андай жаштан бешөөнү жашагын сен.
Бактылуу бол кагылайын чырагым деп,
Сага өмүр тилеген мен апа эжең.

Куттуктаймын жыйырма беш жашың менен,
Алдыңдагы келечек болсун терең.
Садагам акылдуум Людмила кыз.
Бактылуу бол түбөлүккө бүлөң менен.

## ЖҮРӨГҮМДҮН ТЕРЕҢИНДЕ ҮМҮТ ЖАШАП

Келесиң салам айтып күлүмсүрөп,
Мээримиң жүрөгүмдө жүрөт түнөп.
Билбедим көңүлүмө жагып калдың,
Жашай бер турмушуңду алга сүрөп.

Күлгөнүң жаз гүлүндөй жаркылдаган,
Көздөрүң чолпон жылдыз баркыраган.
Мүнөзүң чалкар деңиз көөнүң кенен,
Кайратың чоң дайрадай ташкындаган.

Күтөмүн сен келүүчү жолуң карап.
Күн сайын жолугууну эңсеп самап.
Көрүнөсүң көп жылдык таанышымдай,
Жүрөгүмдүн тереңинде үмүт жашап.

## МЕН ДА ЖАШАЙМ СЕНИ СЫЙЛАП

Капамын неге мынча жүрөк сыздап,
А балким оорудумбу айтчы чындап.
Жалгыздык бүт эркимди курчап алдың,
Чын эле жүрөсүңбү мени сындап.

Бир күндүк жакшы жашоо мага кымбат,
Жүрчү элем көңүл ачып кээде ырдап.
Карылыкпы же балким жалгыздыкпы,
Жүрөмүн көп ойлонуп жүрөк сыздап.

Жүрөгүм бук болосуң неге ыйлап,
Жүрчү элең капалыкты билбей куунап.
Суранам сого бергин өмүр берип.
Бапестейм мен жашайм сени сыйлап.

## ТАЛАСТЫК ЖИГИТ БЕРЕНГЕ

Акылдуу иним Береним,
Элиңе тийсин керегиң.
Ак ниет менен иштейсиң,
Журтуңа кылган белегиң.

Уулусуң улуу Таластын,
Урпагы айкөл Манастын.
Урматтап сенин жаныңда,
Өмүрлүк жарың жанашсын.

Форма кийсең жарашкан,
Суктанып кыздар карашкан.
Урматтап сага «чест» берип.
Жоокерлер өтүп бараткан.

Ийгилик болсун ишиңде,
Изги эмес ишти тизгинде.
Кааларым сага амандык.
Көрбөгүн эч бир жамандык.

Урматтап сенни келемин,
Ыр десте болсун белегим.
Кай жерде болсоң эстей жүр,
Кайыр кош, иним Береним.

## ЭСТЕЙМ

Сагынычтан улам сени эстедим,
Сүйүп жүрдүм бирок сага жетпедим.
Жыл өтсө да жүрөм сени унутпай,
Кусалантып неге оюмдан кетпедиң.

Сага арнап ыр жазылган дептерим.
Окуганда эске түшөт кептериң.
Үмүт үзбөй күтүп жүрөм өзүңдү,
Сагындырып неге жаным келбедиң.

Бул жашоодо үмүтүмсүң сен менин,
Унуталбай жүрөк байкуш дегдедиң.
Балким башка жолукпасбыз экөөбүз,
Бирге өткөргөн айлуу түндү эстедим.

Эң биринчи махабатым дегениң,
Унуталбай мен эскерип келемин.
Сага эгер керек болсо жүрөгүм,
Эч ойлонбой бүтүн бойдон беремин.

## ИНИМ БАКЫТКА ЫР ДЕСТЕ

Бакытбек көөнүң кенен сүттөй аппак,
Кылган ишиң соп - сонун дайым тап-так.
Жүрөсүң ишиңде да үйүңдө да,
Алгалап эл алдында абийир сактап.

Дайыма жоокерлерди алга баштап,
Чындыкты сүйлөп келдиң дайым барктап.
Эмгегиңдин үзүрүн көрө бергин,
Жашагын эл ишеничин изги актап.

Колуктуң адашпаптыр сени тандап,
Балдарың дайым жүрсүн сени жандап.
Жумушуңда бийикте көкөлөгүн,
Жүрө бер шаңдуу күлүп дайым ырдап.

## УЛАН ИНИМЕ АРНАЛАТ

Улан иним жаркыраган курагың.
Эч өчпөсүн үйүңдөгү чырагың.
Кайда көрсөң ызат менен кол сунуп,
Эжекелеп ден соолугум сурадың.

Бул ырымды тартуу кылып турамын.
Соолубасын жүзүң жууган булагың
Ак ишиңде ийгиликтер көп болсун,
Теңиримден мен ошону сурадым.

Кичи пейил жылуу жумшак мүнөзүң,
Жакшылыктар сени жандап түнөсүн.
Ызат көргүн колуктуңдан уулуңдан,
Сени дайым ийгиликтер сүрөсүн.

Желкеңдеги  жылдыздарың көбөйсүн,
Тата бергин ийгиликтин мөмөсүн.
Талыкпастан айдап жүргүн көңүлдүү,
Өтө кымбат ден-соолуктун кемесин.

## АБШЫР-АТА

Апшыр-Ата өзүң да жериң ыйык.
Тоо боорунан оргуган сууң тунук.
Келген эл суктанышып карап турат.
Жаратканга эсепсиз шүгүр кылып.

Арчалар  бийик өсүп көк тиреген,
Гүлдөрүң жытың чачып селкилдеген.
Карап турам табигат сулуулугун,
Тилеймин жаман көздөр тийбесе экен.

Көпөлөктөр учуп жүрөт гүл тандашып,
Булбулдар сайрап турат атаандашып.
Ыргалышып шамалга шибер чөптөр,
Тургансыйт башын ийип саламдашып.

Апшыр-Ата түбөлүк көпкө жаша,
Көрбөй калсам сагынам бир барышка.
Жайы кыш сулуулугуң көргүм келет,
Кумарланып барамын сага шаша.

## КЫЯЛЫМДА СЕНИ МЕНЕН ЖАШАП КЕЛЕМ

Кыялымда сени менен жашап келем,
Ойлонуп сенин жыпар жытың сезем.
Сени эстеп жолугамын гүлзарларда,
Сага арнап ак сүйүүнүн гүлүн терем.

Оюмда сени менен бирге басам,
Сен менен таза мүрөк суусун татам.
Абайлап асырап ал чын сүйүүнү,
Жүрөктүн тереңине бекем катам.

Эңсеймин өзүңдү эстеп кыялданам,
Кымбатым таттуусуң сен шекер балдан.
Ойумда жашай берем сени менен,
Айла жок ойлоп көрсөм башка андан.

Негедир атыңды мен кайталадым,
Сыртыңдан сүйдүм сени байкабадың.
Талпынып уча бергин көктү карай,
Кайрылбай талыбасын кош канатың.

Арадан мезгил өттү эчен нечен,
Дагы эле сени ойлоп жашап келем.
Бактыга жазбагандыр көрүшүүнү,
Каалары жүрсөң болду өзүң эсен.

## ЖАЛГЫЗ ДАРАК

Кум чөлдө өсүп турат жалгыз дарак,
Түгөйү жок суусу жок куурап барат.
Жараткан неге жалгыз жаратты экен,
Чырпыгы жок ал жалгыз аттаганат!

Өссө да боюн созуп жалгыз дарак,
Чырпыгым болсо экен деп эңсеп самап.
Бул жашоого не келдим куру бекер,
Жан дүйнөсү аңтарылып өңү супсак.

Мен дагы сага окшош жалгыз дарак,
Өзүмө теңеп турдум сени карап.
Сен дагы түшүнгөндөй дирилдедиң,
Тургансып мени карап мени аяп.

Өттүмбү чындыгында бекер жашап,
Ойлонсом жүрөк сыздап уйкум качат.
Чындыкты жашыра албай жазым турат,
Арман ай, калбады деп бир да туяк.

## МИЛИЦИЯНЫН АГА ЛЕЙТЕНАНТЫ ИНИМ ТАГАЕВ ЭЛЧИБЕК МЫРЗАГА АРНАЙМЫН

Ойлодуң элдин тынчтыгын,
Билбедиң даамын уйкунун.
Чын дилиң менен иштейсиң,
Жазамын мен да чындыгын.

Жардамың элден аябай,
Жамандык журтка санабай.
Уйкуңду бузуп таң эрте,
Шашасың чачың тарабай.

Эл менен иштеп жүрөсүң,
Ачык айрым мүнөзүң.
Генерал болуп бийикте,
Жараткан берсин тилегиң.

Эл мүдөөсүн актадың,
Намысың дайым сактадың.
Алдыңа коюп көп максат.
Ишиңди сүйүп барктадың.

Кут болсун алган жылдызың,
Бактылуу болсун турмушуң.
Каалары сага амандык.
Көрбөгүн эч бир жамандык.

## САГЫНДЫМ

Сагындым мага карап күлгөнүңдү,
Сагындым мага арнаган гүлдөрүңдү.
Сүйөм деп мээрим менен күлмүңдөгөн,
Сагындым жылаажындай үндөрүңдү.

Сагындым жанып турган көздөрүңдү,
Сагындым жаным деген сөздөрүңдү.
Аймалап сыр бөлүшкөн, беттен сылап,
Сагындым бирге өткөргөн түндөрүмдү.

Сагындым аппак болгон колдоруңду,
Күтөмүн сен келүүчү жолдоруңду.
Мээримиң жашай берет жүрөгүмдө,
Каралдым сен да мени ойлодуңбу.

## САТУУЧУ ЖИГИТКЕ

Мен дагы сага барып «товар» алам,
Сен сатуучу утурлап таштап кадам.
Кечирип кой ырларым жакпай калса,
Суранам капа болбо сен садагам.

«Товарларың» иреттеп коюп турдуң,
Келсе эгер кардарларың көңүл бурдуң.
Наркын сурап калышса алуучулар,
Мээрим төгө жоодурап күлүп турдуң.

Теptегерек көздөрүң өтө сулуу,
Кабыл алып сыйлайсың дайым жылуу.
Сагынтпастан келип туруң эжеке деп,
Күлүмсүрөп узаттың мени жылуу.

Ыраазы бол мен сага бакыт каалайм,
Мага деген урматың дайым баалайм.
Не ойлосоң ойлоруң орундалсын,
Жакшылыктын баарысын тилеп калам.

## СЕНИ КҮТҮП КАЛАЙЫН

Сени эстеп кубандырам жүрөктү,
Бир өзүңдү ойлоп жүрүп күн өттү.
Бул жашоодо болбосом да сага жар,
Күндө күтөм жолугуучу мүнөттү.

Жолуктук өткөн күндү эске салып,
Жашоодо сен бар үчүн түнүм жарык.
Таш эместир сенде да мээрим бардыр,
Кыйнабачы жүрөгүмдү чокко салып.

Жыпар жыттуу сонун мезгил жаз айын,
Күткүн - күткүн мен сага барайын.
Сүйбөсөң да айта көрбө суранам,
Үмүт менен сени күтүп калайын.

## СЫРДУУ АРМАН

Чын эле олтурамын жокту самап,
Түшүнбөйт иничегим темир канат.
Эгерде жолукпасак бул жашоодо,
Өмүр бою жашаймын сени самап.

Жолугуунун айласын табалбадым,
Жараланган жүрөгүм кыйналганын.
Адамда намыс деген ыйык сөз бар,
Ошондуктан жаныңа баралбадым.

Ойлонуп жаштыгыңды аяп калам,
Жагып калдың айтпашка жоктур айлам.
Сени менен бул жашоодо боло албасмын,
Ичимде калат окшойт сырдуу арман.

## «АТО» НУН БАШЧЫСЫ,
### Камчыбекке арнайм

Ырахмат айтам Камчыбек,
Уулуңдун уулун жетелеп.
Журтуңа тийип керегиң.
Уча бер иним көкөлөп.

Ишчилер ишке жөнөсө,
Батаңды берип турасың.
Тазалыкты бек сактап.
Дайыма көңүл бурасың.

Даракты актап агарттың,
Көңүлдүн кирин тазарттың.
Ак ниет кылган ишиңден,
Кубанып өзүң бараттың.

Бийиктеп учуп көкөлө,
Кызыңдын кызын жетелеп.
Чын жүрөктөн иштейсиң,
Калтырбай ишиң эртеге.

Эл дагы берет батасын,
Табалбай иштин катасын.
Тазарткан тунук жолуңдай,
Бактылуу дайым жашагын.

## ЖАЗГЫМ КЕЛЕТ АК КАГАЗГА

Келем жалгыз аркалап турмуш жүгүн,
Ойлогондо жан күйөт балам жогун.
Эгер болсо перзентим бул жашоодо.
Ар бир күн өтмөк эле болуп сонун.

Жан дүйнөмдө эңсеймин перзент даамын,
Күйбөдү бул өмүрдө жаккан шамым.
Баарысын жазгым келет ак кагазга,
Жүрөктө өксүктөрүм, тактын баарын.

Өксүкмүн балага мен өтө зармын,
Перзент үчүн өмүрүм берем баарын.
Аида кызым байлыгым тирегимсиң,
Үмүтүм чоң жалгыз сен шекер балым.

Бар болсун оорубасын бир тууганым,
Болушум ак Берметим кагылайын.
Жөлөнгөн аскам болсун өмүрүмдө,
Алар менин денемде аккан каным.

## ЖАЙЛООБЕК ИНИМЕ

Ак эмгегиң калат элде кылымга,
Кылган ишиң жазышка арзыйт чынында.
Алкыш айттык карап туруп өзүңө,
Ишиң менен элдин кирип сынына.

Төшүңдөгү жаркылдаган ордендер,
Эмгегиңди далилдеген мээнеттер.
Журт алдында алп урушуп иштейсиң,
Алкоо айтат түшүнгөндөр билгендер.

Талыкпастан  эл мүдөөсүн актадың,
Намысыңды абийриңди сактадың.
Бул дүйнөдө бактылуу бол дайыма.
Калайык журт жетсин сенин баркыңа.



## САТУУЧУ ЖИГИТ КАМАЛИДИН УУЛУ АДИЛЕТКЕ АРНАЙМ

Окууңдан шаша келесиң
Жардамың мага бересиң
Мээримиң төгүп баламдай,
Жайымды салып бересиң

Дүкөндө сатып турасың
Баарына көңүл бурасың
Ал жайым сурап эртелеп
Даярдап кофе сунасың

Кем болбо уулум Адилет,
Мээримиң мага керемет.
Бар болгун аман жашоодо,
Түгөйүңдү жүргүн жетелеп.

## ЧОҢ -ТУЗ ДЕН-СООЛУКТУН БУЛАГЫ

Чоң -Туз шахты ден соолугум чыңдадың,
Сен болбосоң эмне айла кыламын.
Көпкө жаша эли журтка дем берип,
Өзүңө мен таазим кылып турамын.

Он күн болдум таркабады кумарым,
Туз шахтасы ырлар сага сунамын.
Кичи пейил ак көңүлдүү врачтар,
Кеңеш берип пешенемден сыладың.

Туз шахтасы оорулардын дабасы,
Дарыгерлер өмүрлөрдүн сакчысы.
Жаралыптыр Ала-Тоолуу жеринде.
Ал да болсо кыргызымдын бактысы.

Адырларың аппак калпак кийгендей,
Сакайдым деп айта аламын ийменбей.
Сыймыктанам туз шахтасы барына,
Күн шооласы кайра мага тийгендей.

Үңкүрлөрүң ак мөңгүдөй көрүнүп,
Демиккеним тыркырады  бөлүнүп.
Суу жээгинде олтурамын бактылуу,
Ыраазылык айтып ичтен сүйүнүп.

## КОҢШУ СИҢДИМ КАНЫШАЙГА

Коңшу сиңдим Канышай,
Пейилиң кенен көктөгү ай.
Керек болсо ар дайым,
Жардам бердиң аябай,

Озунуп салам айтасың,
Жүрөгүң таза байкадым.

Урматым койдуң жайыма,
Дайыма ырахмат айтамын.

Эң чоң кызың Күмүшүң,
Көп эле сенин үмүтүң.
Өтө чоң кылып той берип,
Таркады сенин күйүтүң.

Гүлсара кызың өтө шок,
Ишенип жүрдүң көңүл ток.
Иштерди кылат эң жакшы,
Тим эле эч бир ойдо жок.

Шамшарбегиң жалгызың,
Жигит пирим колдойт ко.
Ишенгин Каныш уулуңдун.
Жараткан жолун оңдойт ко.

Өтө көп жакшы жагыңар,
Бир жашап кошо карыңар.
Балдардын көрүп убайын.
Көгөрсүн тиккен багыңар.

Небере көргүн тезирээк,
Жаныңда жүрсүн бөжүрөп.
Уулуңдун уулун кучактап,
Мээримиң ага төгүлөт.

Көп өмүрдү сактадың,
Эл ишеничин актадың.
Журтуңдан алып алкышты,
Даректай бүрдөп шактадың.

Ак халат сага жарашкан,
Уктабай иште таң аткан.
Мээримиң көрүп бейтаптар,
Сакайып үйгө бараткан.

Жүрө бер сиңдим каткырып,
Үйрөнгөн ишти бат кылып.
Тилеймин сага жакшылык,
Өзүңдү жүргүн жаш кылып.

Көздөрүң сенин башкача,
Көңүлүң суудай таптаза.
Адылга дайым эркелеп,
Кериле жүргүн наздана.

## АЗИЛ

Полковник иним Адылым,
Билсеңчи Каныш кадырын.
Бакырасың жөнү жок,
Элде эмес үйдө баатырым.

## ТУЗ ШАХТАСЫ СЕН ЫЙЫКСЫҢ

Туз шахта сен ыйыксың кагылайын,
Шыпаа берип кеселге келдиң дайым.
Таазим этип сыйынам бир өзүңө,
Эстеймин ыйык тузуң сагынамын.

Ыргалышат кош айтышып гүлдөрүң,
Унута албайм сенде өткөргөн күндөрүм.
Жаркыраган жылаажындай сууларың,
Жүзүм чайып ырлар ырдап куунадым.

## АРДАГЫМ

Кокусунан жолукканда,
Сүйүп калдым ичимден.
Эркелегим келет сага,
Тартынамын кишиден.

Көздөрүңдү көргүм келип,
Сагынамын күн сайын.
Махабатым артып барат.
Күндөн күнгө ан сайын.

Жолукканда күлмүңдөгөн,
Ачык мүнөз жайдарым.
Күтөм сени келе койчу,
Кайда кеттиң, кайдасың.

Көздөрүңдү бекитпечи,
Сурнамын жалжалым.
Сагынтпастан келип турчу.
Көптөн күткөн ардагым.

## ИЗДЕГИМ КЕЛЕТ

Сезимге тынчтык бербеген,
Издегим келет дайым мен.
Жыл өтүп айлар алмашты,
Алтыным күтөм сени мен.

Ак булут болуп учайын,
Жүрөккө сени кысайын.
Ишенем сага жолугам,
Сабырдуу болуп чыдайын.

Нур чачкан жылуу көздөрүң,
Унутпай сени эңседим.
Көп жылдар өтүп кетсе да,
Эсимден эч бир кетпедиң.

## ИНИМ САГЫНБЕККЕ АРНАЙМЫН.

Ыр жазам иним Сагынга,
Урматым койдуң жайына.
Аллага шүгүр кылайын,
Өзүңдөй иним барына.

Салимаң жүрсүн жаныңда,
Озурлуу турмуш шаңында.
Бактылуу өмүр сүргүлө.
Ден соолук жаштык барында.

Ызаттап сылап чачымды,
Көтөрдүң менин баркымды.
Көңүлүм кээде чөккөндө,
Күлдүрүп жаздың жарпымды.

Россия кетип калсаң да.
Чакырсак учуп келесиң.
Куттуктап кызым тойунда.
Жүрөктөн белек бересиң.

Инимдей сени көрөмүн,
Жакшылык менин тилегим.
Жаныңда болуп сүйөнүч,
Балдарың болсун жөлөгүң.

## АКЫН ШАЙДИЛЛА АГАМА АРНАЙМЫН

Чаувайдан чыкса акындар,
Сүйүнүп жүрөк лакылдар.
Шайдилла чыкты төкмө акын,
Булбулдай үнү басылбай.

Ачылсын гүлдөр жолуңда,
Китебиң алдым колума.
Бир күндө окуп бүтө албай.
Эртеси чыктым соңуна.

Ырахмат айтам өзүңө,
Алтындай чындык сөзүңө,
Балдардын көрүп убайын,
Сөрүдө жаткын кериле.

Чаувайда адам калбаптыр.
Баарысын жазып саздапсың.
Азили-чыны аралаш,
Бир бирден баарын талдапсың.

Башыңда ырлар уялап,
Чыгыптыр мына тыянак.
Төгө бер ага ырларды,
Кагаздын бетин сыялап.

Шилтегин калем чарчабай,
Жүрө бер ырың аркалай.
Шайдилла ага кечиргин.
Жаман сөз жазсам байкабай.

Сенсиреп койдум кечиргин,
Катаны өзүм кетирдим.
Ден соолук каалайм өзүңө.
Акыны болгун элиңдин.

## БААТЫР ЭНЕ ГАЛЖАНГА

Он эки бала чоңойтуп,
Озурун көрүп жүрүңүз.
Неберелерди жетелеп,
Аларды абдан сүйүңүз.

Дарыядай кенен ичиңиз,
Алдыга жүрсүн ишиңиз.
Ак бата берип жаштарга,
Периште болуп жүрүңүз.

Элиңиз сизди барктаган,
Коңшулар сыйлап мактаган.
Галжан эже мээримдүү,
Жамандык ишке баспаган.

Турмуштун баары жогуна,
Дайыма чыдап келесиз.
Колдон келсе аябай,
Жүрөктөн жардам бересиз.

Оорубай көпкө жашаңыз,
Элдерге тийип батаңыз.
Ким келсе демдеп чай берип.
Бул жерде жоктур катаңыз.

Ар дайым сыйда жүрүңүз,
Жылмайып жылуу күлүңүз.
Жамандык көрбөй дүйнөдө,
Жаркылдап өтсүн күнүңүз.

## БИЛИП ЖҮРӨМ

Атыңды жүрөгүмө түйүп келем,
Алтыным бир өзүңдү сүйүп келем.
Карегиң карегиме кадалганда,
Чын эле жактырганың билип жүрөм.

Жашоодон чарчаганда дем бересиң,
Тартылат күлмүңдөгөн нур элесиң,
Сагынып жүргөнүмдү айтпасам да,
Жүрөктүн тереңинде сен сезесиң.

## БЕЙИШ ТӨРҮН СУРАЙЫН

Жаткан жериң жайлуу болсун ылайым,
Суранамын, ырайым кыл кудайым.
Колум жайып бата кылам дайыма,
Жараткандан бейиш төрүн сурайын.

Топурагың торко болсун ылайым,
Дуба окуйм башка эмне кылайын.
Пешенеге жазганыны көрөсүң,
Айла таппай баарысына чыдаймын.

Колдоп жаткын апакебай сурарым,
Артта калган уул-кызың чырагың.
Көп эскерип сагынамын өзүңдү,
Кагылайын ак сүт берген ынагым.

## ТОЛКУНГА

Толкун иним толкуп-ташып жүрө бер,
Өткөрбөгүн жаштыгыңды кур бекер.
Не болсо да баарысына чыдагын,
Сабыр кылсаң жаркыраган күн келер.

Турмушуңдан жабыркасаң сен эгер,
Сен самаган чолпон жылдыз жарк этер.
Сени сүйгөн акылдуу кыз туш келип,
Бирге басып боюң -бойго теңелер.

Сабырдуу бол турмуш жолун улагын,
Акылдуу бол баарысына чыдагын.
Мээрим менен сүйө албаган өтө көп,
Терең ойлоп акыл менен сындагын.

Мага жагат ачык-айрым кыялың,
Ошон үчүн ак пейлимден сыйлаймын.
Акылдуусуң, түшүнөсүң баарына,
Жаман ойго эч барбагын  сурарым.

## САГЫНАМ

Күтөм сени көп жыл өттү арадан,
Үмүт үзбөй жүрөк чиркин самаган.
Сезимдерим бийик учуп көкөлөп,
Ойлорумда сени менен жанашам.

Жылдар өтүп мен улгайып баратам,
Жүрөгүмдө сүйүү калды самаган.
Кайдасың сен дарегиңди билбедим,
Жолуксам деп жаратkандан суранам.

Ардагымсың, кымбатымсың баарынан,
Кусаланып дайым сени сагынам.
Тагдыр кошсо жолугабыз бир күнү,
Ошол күндү күтүп жүрөм садагам.

## КҮТТҮРБӨЙ КЕЛСЕҢ ЭКЕН

Жактырып калганымды билсең экен,
Сен үчүн сүйүү гүлүн терер элем.
Эркелеп кумарланып кыялымда,
Сен деген үмүт менен жашай берем.

Жаш өтүп калган кезде кезиктиң сен.
Жанашып кыялымда сени менен.
Өзүмдү алаксытып бул жашоодо,
Жанымда сен бар деген сезим менен.

Күттүрбөй алтыным ай келсең экен,
Жолуңду жал-жал карап күтө берем.
Кези келсе түшүнөт деп үмүт кылам,
Көңүлдө тынчыбаган сезим менен.

## ТААНЫШ ЖИГИТКЕ

Жолукканда дайыма мээрим бердиң,
Аз да болсо ойгонду сага сезим.
Табалбадым жообун көп ойлонуп,
Түшүнө албай жүрөмүн бул мүнөзүң.

Куралбайсың эч качан сүйүү чебин,
Табалбайсың мендеги сүйүү кенин.
Бой көтөрүп көкөлөп уча бербе,
Дос катары өзүңө айтар кебим.

Калагы жок кемеңди айдап кетпе,
Кыйналасың жете албай наркы жээкке.
Жүрөгүңдө сактаба айтар сөздү,
Тартынбастан айта бер дайым бетке.

## СЕЗИМДЕР ЫЙЛАП БАСЫЛБАЙ

Сагынып ыйлап жүрөгүм,
Сен болдуң эле түнөгүм.
Капалык коштоп көңүлдү,
Өзүңдү эстеп жүдөдүм.

Көрбөсөм жарпым жазылбай,
Айла жок сенден алыстайм.
Жамгырдай көз жаш төгүлсө,
Сезимдер ыйлап басылбай.

Эстесем сенин мүнөзүң,
Тартылат көзгө сүрөтүң.
Канчалык сени сүйсөм да.
Башкага азыр бүлөсүң.

## ДОСУМ

**«Мезгил жарчысы» гезитинин редактору Жоробеков Абдуназарга**

Ден соолук чындап берсин өзү теңир,
Назар дос сага каалайм узун өмүр.
Көп жаша балдарыңдын убайын көр,
Бар го дейм бир өзүңдө айкөл көңүл.

Гезитиң кечикпестен чыгып турат,
Калаанын калкы ага көңүл бурат.
Арканда кылган ишиң өчпөс болсо,
Көз өтүп кетсе деле ал сакталат.

Кесеңе ырыскылыр толо берсин,
Үйүңө берекелер келе берсин.
Өмүрлүк жарың менен бирге болуп,
Жашооңдо жакшылыктар насип этсин.

## ЭСТЕЙ ЖҮР

Бул жашоодон өтө арыдым,
Акырындап бүтөт сабырым.
Кетсең деле мени эстей жүр,
Бүтпөс шоола менин жарыгым.

Сени сүйүп өтө жабыктым,
Жаным эркем сага ашыкмын.
Ичте сырым толук айталбай,
Күтүп –күтүп абдан зарыктым.

Алыстасың сага үн жетпейт,
Мына эми сенсиз күн өтпөйт.
Тагдыр деген татаал турбайбы,
Жүрөгүмдө башка гүл өспөйт.

Сагынарсың жамгыр төккөндө,
Унутарсың күндөр өткөндө.
Жолугушуп балким каларбыз,
Жоогазындар гүлдөп өскөндө.

## ТУУЛГАН КҮНҮМ

Досторум менин бүгүн туулган күнүм,
Силерге дайым ачык менин үйүм.
Энемдин апапакай ууз сүтүн,
Тойбостон кайра кайра эмген күнүм.

Курдаштар бүгүн менин туулган күнүм,
Эң жакын замандаштар келди бүгүн.
Ден соолук узун өмүр мага каалап,
Мага арнап тапшырышат белек гүлүн.

Туугандар меймандарым менин бүгүн,

Көз ачып таң шооласын көргөн күнүм.
Апакемдин бооруна башым катып,
Магдырап эне сүтүн эмген күнүм.

Тай эне, чоң энелер сүйүнгөн күн,
Ыңаалап жаңыргандыр бийик үнүм.
Улгайып канча жашым өтсө деле,
Соолубай өсө берсин менин гүлүм.

## ТААРЫНБА

О жигит мынча неге таарынасың,
Ойумда дайым менин жанымдасың.
Кемчилдик кетирбешке аракет кыл,
Өкүнүп эстеп кийин сагынасың.

Алыстан тиктеп койсоң күлүмсүрөп,
Сен дегенде жүрөк ысыйт улам дегдеп.
Таарынба, сабырдуу бол суранарым,
Алдыда эң бактылуу күндөр күтөт.

Чындыкта бир өзүңдү сыйлап барам,
Ооруба көпкө жаша болгун аман.
Сен мени аз да болсо түшүнбөдүң,
Мен үчүн  болдуң экен мынча сараң.

Таарынба о жаш жигит таарынбагын,
Кайрадан жүрөк туйлап сагынбагын.
Өмүрлөр өтүп кетет аккан суудай,
Түшүнгүн терең ойло, талда баарын.

Кейибе, көңүл чөгүп ыйлабагын,
Түшүнөм чын жүрөктөн сыйлаганың.
Адамда суудай тунук сезимдер бар,
Ойлобой кечип сууну булгабагын.

## ЭХ ЖАШТЫГЫМ

Өткөн күндөр жылып айга айланып,
Өмүрлөрүм калды сага байланып.
Жок дегенде өткөн чакты эскерип,
Кыялданып келелиби гүл терип.

Айлар сызып жылга карай айланып,
Жылаажындай күлкүм сага байланып.
О жаштыгым кош айтпачы алыстап,
Аз да болсо күтө турчу кармалып.

Өмүр өтсө жаштык кайра келбеген,
Айла канча коштошомун сен менен.
Карап турам карааныңды узатып,
Кол булгалап учуп кеттиң жел менен.

Анда мейли өкүнбөйүн жаштыкка,
Билинбестен өтүп кеткен мастыкка.
Аман болсун уул-кызым курдаштар,
Неберелер өсө берсин татына.

## ЖҮРГҮН ЭСЕН

Туугандар жүрөгүмдү жараладың,
Жүрөккө кандай дары табаламын.
Жашоомдо жүрөгүмдүн жармы элеңер,
Көп эле силер үчүн самаганым.

Жапжалгыз өмүр багын араладым,
Көксөгөн издегеним табалбадым.
Кээ күндөр бул жашоодон үмүт үзүп,
Кол шилтеп, кетким келет мен тажадым.

Кечирим сурап койуу оңой экен,
Ал сөздөр дартка даба болор бекен.

Ай өтүп, жылдар жылып кетсе деле,
Жаман сөздүн тагы кетпей калат экен.

Мейли эми күнүм бүтсө өтүп кетем,
Эжем деп эстеп мени жүрсөң экен.
Уулдарың кыздарыңдын убайын көр,
Ооруба көпкө жаша жүргүн эсен.



## ЖООГАЗЫНЫМ ЧЫНДАП ЭЛЕ СООЛУПТУР
***(Санжарбектин жаркын элесине)***

Он гүлүңдөн бир да гүлүң ачылбай,
Жүрөк ыйлап күүсүн чертет басылбай.
Жок дегенде бир перзентиң калганда.
Бек кучактап жүрмөк элем асылдай.

Мына быйыл жети жыл да болуптур,
Жүрөгүбүз кайгы муңга толуптур.
Ишенеалбай дайым күттүк жолуңду.
Жоогазыным чындап эле соолуптур.

Эжелериң, ага дагы эскерет,
Жаратканга сыйынышат келсе деп.
Айла канча тан беришип тагдырга,
Суранышат бейиш төрүн берсе деп.

Апаң жүрөт эч бир муңу басылбай,
Жүрөк сыздап бүркөө кабак ачылбай.
Кеткендирсиң көз жумсаң да бизди аяп.
Өзүң тиккен бак дарактар сумсаят.

Сен көтөргөн Эленора чоңойду,
Санжарбегим сени унутуу оңойбу.
Эскербеген күндөр жоктур жашоодо,
О жараткан, ушундай да болобу.

Атаң дагы ичтен сызып кылгырат,
Көз жумганың атакеңди сындырат.
Санжарбегим сагындык ко баарыбыз,
Эстегенде көздөн жаштар буркурап.

Тойлоруңда чачылалар чачылбай,
Көп сырларың кетти ичте ачылбай.
Кыз сүйбөдүң сылап-сыйпап чачтарын,
Үмүтүбүз кара жерге катылды ай.

Чын дүйнөдө жүргөндүрсүң жан балам,
Алла жазган тагдырыңа байлана.
Булбул болсоң бейиштеги сайраган,
Роза гүлгө толуп турсун айланаң.

Апэже  деп турар элең дайыма,
Урматымды койдуң дайым жайына.
Ыйлап-ыйлап дайра болду көз жашым,
Күнүм бүтсө барам сага сагына.

Арманай жалган тура жарык дүйнө,
Жараткан кое албаймын сага күнөө.
Чымчык да балапанын жоготпосун.
Бактылуу өмүр сүрсүн бүт үй бүлө.

## АЛЫП КЕТТИҢ СЕЗИМИМДИ АЗГЫРЫП

Көргөн сайын ак сүйүүм артылып,
Кетесиң сен жүрөгүмдү жаш кылып.
Жараткандан сурар элем сыйынып.
Жүрсөң экен жанымда сен каткырып.

Кирип келсең дүкөнүмө шашылып,
Сүйлөп коем сагынычым жашырып.
Күлүмсүрөп кош айтыштың кетерде.
Ээрчип сени баскым келет чакырып.

Койдуң окшойт махабатка мас кылып,
Калдымбы же жүрөгүмдөн жактырып.
Неге мынча эстейм сени унутпай.
Алып кеттиң сезимимди азгырып.

## САМАДЫМ

Гүл жыттанган адырларга барамын,
Тандап үзүп гүлдөн бантик тагамын.
Атаандашып достор менен гүл терген.
Эң бактылуу балалыкты самадым.

Жер жайнаган алмазарга барамын,
Алма терип куунап көңүл жазамын.
Тойуп-тойуп кумарланып алма жеп,
Эң бактылуу күндөрүмдү самадым.

Сууну бойлоп бүлдүркөнгө барамын,
Жутуп жүрдүм суунун таза абасын.
Жаш кезимде жылаңайлак жүгүргөн,
Артта калган жаштыгымды самадым.

Кең токойлуу алчазарга барамын,
Көзүм тойбой сулуулугун карадым.
Күтүлбөгөн карылыкка баш ийип,
Жаш кылгырып мен өзүмдү аядым.

Кайда калды жылдыз жүздүү жамалым,
Жылдар жылып мен улгайып барамын.
Кайра келбес түбөлүккө кош айткан.
Кайрылбаган жаштыгымды самадым.

## ЖАЛГЫЗСЫРАЙМ

Неге мен жалгызсырайм, жалгызсырайм,
Өмүрүм өтүп жатат аккан суудай.
Ичтеги көп армандар басылбады.
Күбө дейм кудуреттүү жалгыз кудай.

Жашаймын бул жашоодо чыдай, чыдай,
Эстесем жан ачышып жүрөк сыздай.
Курдаштар ал жайымды сурап койсо,
Көңүлсүз жооп берем ыйламсырай.

## КЕЛЧИ ЖАНЫМ

Билгин жаным, жазгым келди,
Гүлдөр көзүн ачканда.
Кел жылдызым күтөм сени,
Бирге бакта басканга.

Жайкы шамал шуудурашып,
Чачым бузуп атканда,
Күкүк куштар магдырашып,
Уясында жатканда.

Учуп  келчи булбул сымал,
Таң сүрүлүп атканда.
Жаздыгымды бек кучактап,
Жаш төгүлүп жатканда.

## САРЫ-ЧЕЛЕК

Болдум кече Сары-Челек жеринде,
Арчалары өсүп турат кериле.
Гүл жыттанган токойлору эң сулуу,
Берген окшойт тандап кыргыз элиме.

Тоодон аккан муздак суусу туп-тунук,
Көк шиберлер жайкалышат кулпунуп.
Кулагыма  муза  чалып булактар,
Каяккадыр шашылышат умтулуп.

Тоо койнунда көлү турат мелтиреп,
Бүлдүркөндөр бышып турат мөлтүрөп.
Моокум канбай карап турдум кубанып,
Жаңгактары өсүп турат көк тиреп.

Кичи көлүн кечип жүрдүм жуунуп,
Сүзгүм келип балыкка окшоп кубулуп.
Табигаттын көрк келбети чексиз бейм.
Кайдан келди ушунчалык сулуулук.

Сары-Челек, кош бол эми кош айтам,
Коздугуң көздө калды, мен кайтам.

## ТУТУНГАН УУЛУМ АБАБАКИРГЕ

Ата- энең берип тарбия,
Жардамың тийип калкыңа.
Эмгектин көрүп үзүрүн,
Жылдыздай жанып жаркыра.

Уулумдай сени көрөмүн,
Мыктысы болгун өрөөндүн.
Сыйладың мени энеңдей,
Болуп жүр менин жөлөгүм.

Жардамың бердиң аябай,
Бөйрөктөн чыккан баламдай.
Кай жерде жүрсөң аман бол,
Тутайын сени караандай.

Көңүлүм дайым көтөрдүң,
Улууну  сыйлап  өсөрсүң.
Күн бүтүп суум түгөнсө,
Көз жумуп мен да кетермин.

Сүрүлөт күндөр билинбей,
Русланга болгун инимдей.
Көргөндө көңүл жарк деген,
Гүлдөй бер талаа гүлүндөй.

## БОЛБОСТУР

Кеми жок адам болбостур,
Баласыз үйлөр толбостур.
Өмүрүң гүлдөй соолуса,
Кайрылып өмүр келбестир.

Булактар суусуз болбостур,
Талаалар гүлсүз болбостур.

Ырыйым кылса жараткан,
Баласыз эне болбостур.

Аарылыр балсыз болбостур,
Булбулдар үнсүз болбостур.
Жыпар жыт гүлдөр болбосо,
Көпөлөк учуп конбостур.

Кушу жок токой болбостур,
Перзентсиз көңүл толбостур.
Арканда калса уул-кыз,
Өмүрүң бекер өтпөстүр.

## ЖАШАЙ БЕРГИН КЫЛЫМГА

Арча – бадам, бергилечи сүйүнчү,
Көптөн күткөн күнүм менин бүгүнкү.
Баарлашып сагынычтар таралып,
Биз олтурдук сыр алышып түничи.

Муздак шамал согуп турду күү курап,
Жаз жамгыры анда-санда тамчылап.
Сен туйбаган арман калат жүрөктө,
Ичте сырлар айтылбастан тумчугат.

Табигаттын кооздугун карасам,
Сен бар үчүн жарык окшойт бүт аалам.
Бүркүт учуп тоо койнуна көрк берип,
Күн да батып кол булгалап бараткан.

Күбө болуп арча кайың карагат,
Көз караштан чын сүйүүлөр жаралат.
Мага кылган жылуу жумшак мээримиң,
Туман сымал адаштырып баратат.

Канча бирге болсом деле жаныңда,
Сагынычтар таркабайт ко чынында.
Бирге өткөргөн күндөр калат жүрөктө,
Ден- соолукта жашай бергин кылымга.

## НЕБЕРЕ УУЛУМ БЕКТУРГА

Бектурум менин бөжөгүм,
Жанымда жүргөн жөлөгүм.
Өсө бер балам мойтоңдоп,
Тойлоруң сенин көрөйүн.

Көтөрүп жытың жыттайын,
Жаныңдан алыс чыкпайын.
Ден -соолук берсин жараткан,
Жаман сөз сенден укпайын.

Он айда басып жүгүрдүң,
Жыргалы болгун күнүмдүн.
Тайене деп чулдурап,
Куту болгун үйүмдүн.

Өксүктү баскан өзүңсүң,
Багымда өскөн жүзүмсүң.
Бапестеп сени өстүрөм,
Маңдайга тийген күнүмсүң.

Карысам мени багарсың,
Жыгылсам жөлөп тайаарсың.
Чын дүйнө кетсем көз жумуп,
Мүрзөмө жоктоп барарсың.

## САБЫРАЛЫ АБДУКАРИМОВГО

Кут болсун эл ортосу элүү жашың,
Көп жаша аман болсун алтын башың.
Кылымдарга эмгегиң кала берет.
Курчуй берсин кармаган калем сабың.

Жердешимсиң, сыймыктуу таазим этем,
Апакең акын кылып төрөп кеткен.
Жараткандан сурарым апакеңдин,
Жаткан жайы болсо экен гүл бейиштен.

Бул жашоодо ден- соолук өмүр каалайм,
Иштериң жүрө берсин алга карай.
Максатың орундалсын ойдогудай,
Жүрө бер дайыма шат ачык маанай.

## АРДАГЫМДЫ

Алтыным кимге айтам арманымды,
Жүрөктү сен жаралай салганыңды.
Күн сайын жолуң карап күтүп жүрөм,
Бүт өмүр күткүм келет ардагымды.

Өчүрө албай сен жаккан шамдарыңды,
Эстейсиңби жашооруп калганымды.
Сагынганда телефон чалып калсам,
Да, жаным алтынным, деп алганыңды.

Канча күттүм сен келчү жолдоруңду,
Чындып сүйсөң кусадар болбодуңбу.
Жолукканда саамайым сылачу элең,
Эстей берем жуп - жумшак колдоруңду.

## КЫРГЫЗ ЖЕРИМ

Кыргыз жерин тагып келем,
Тумар кылып мойнума.
Талаа гүлдөр салам берет,
Келин сымал жолумда.

Булбул куштар сайрап турат,
Ыр жаңырып күү курап.
Жан жыргаткан кыргыз жерим,
Алга карай умтулат.

Гүл жыттанган талаалары.
Күндөн күнгө кулпунат.
Тоодон аккан булактары,
Суусунуңду кандырат.

## КЫРГЫЗСТАН

Кыргызстан жандай сүйгөн уям менин,
Энекемдей мээриминди туям сенин.
Айлам жок сенден алыс болсом дагы,
Сагынып, тартуулаймын ырлар кенин.

Сууларың жылаажындай мелтиреген,
Арчалар бой тирешип көк тирген.
Сулуулугуң кубаныч берип адамдарга,
Желегиң тоо башында желбиреген.

Дүйнөгө аты угулуп кыргыз жерим,
Аман бол кагылайын кыргыз элим.
Көркөмдү кучагына жыйнап алган,
Өзүндө түгөнбөгөн жылуу мээрим

## ЖАЛГАН АЙТПА

Жашыңда жалган айтпа жаман адат,
Жалган сөз жамандыкты тез чакырат.
Чындыкка катарлаша бирге жүрсөң,
Чын адам болгондугуң бул бапкталат.

Чындык сөз көпкө жашап өмүр сүрөт,
Жалганга жанашпастан оолак жүрөт.
Карды үчүн, ыйман сатып күн өткөргөн,
Адамдар убактылуу өмүр сүрөт.

Жашоодо байлыктан да өмүр кымбат,
Сынбаган эч нерсе жок баары сынат.
Жашаган жалган менен адамдар көп,
Көргөндө көңүл чөгүп жүрөк сыздайт.

## КЕЛИНИМ АЙЗИРЕККЕ АРНАЛАТ

Келиним менин зирегим,
Жакшылык дайым тилегим.
Үч уул төрөп кубанттың,
Ыраазы менин жүрөгүм.

Сөзүмдү эми баштасам,
Алихан, Саян башкачам.
Мирдавыт турат мойтоңдоп,
Аларды көрүп кубанам.

Алкышын алып кыйланын,
Урматтап бизди  сыйладың.
Балдардын көрүп озурун,
Жазганым окуп сындагын.

Үйүңдүн болуп базары,
Русландын көңүл ачары.

Байчечек болуп бажырап,
Көбөйсүн бала катары.
Урматтап кайын энеңди,
Берметтин орун басары.

## СЕЙДАЛИЕВ ӨМҮРБЕККЕ АРНАЙМЫН

Дүкөнгө кирип турасың,
Ал жайым күндө сурайсың.
Ден -соолук каалап өзүңө,
Дайыма дуба кыламын.

Өмүрлүү болгун Өмүрбек,
Жүрөктөн чыккан алтын кеп.
Бактылуу дайым жашагын.
Кызыңдын кызын жетелеп.

Бизнесиң өссүн көкөклөп,
Уулдуу болгун бөпөлөп.
Орундап максат ойлоруң,
Небереңди жүргүн жетелеп.

Ишимди алга уладың,
Көңүлүм сага бурамын.
Алкышым айттым дайыма,
Инимдей болгун сураарым.

Келесиң дайым эже деп,
Мамилең мага керемет.
Көп жаша арча сыяктуу,
Өмүрлүү болгун Өмүрбек.

Иштериң алга жүрүшсүн,
Досторуң көрүп сүйүнсүн.
Бийиктеп көккө уча бер,
Орундап максат үмүтүң.

## ТУЗДАГЫ ЭЛЕС

Туз шахты өмүрлүү бол, көпкө жаша,
Сагынып көксөп келем сага шаша.
Мамиле жасап койсом түшүнбөстөн,
Кечирим сурап кетем, болбо капа.

Суу бойлоп кетип барам илкий басып,
Шыбырап өз өзүмө көңүл ачып.
Күү чалып агып жаттың өмүр улап.
Билбеген көп сырларды ичке катып.

## РОТА КОМАНДИРИ КАПИТАН АЛЫКУЛОВ ДАМИРГЕ

Иреттеп Рота башкарып,
Бийиктеп чыктың ат салып.
Артыңда калат иштериң,
Өсө бер иним такшалып.

## АГА ПРАПОРЩИК МАМЫР УУЛУ БАКЫТКА

Иштесе иштен талбаган,
Жоокерди дайым жандаган.
Кеңешин берип жаштарга,
Өмүрүн ишке арнаган.

## ЛЕЙТЕНАНТ
## РАЙЫМЖАНОВ ӨМҮРБЕК ИНИМЕ

Өмүрбек иним жаш канат,
Жүрөсүң дайым чалкалап.
Генерал болуп өсө бер,
Жамандык ишти талкалап.

## АГА СЕРЖАНТ ШАМШИЕВ РАСУЛГА

Сыйлаган иним Расулум,
Эмгекти сүйгөн асылым.
Үйүндө иши калса да,
«Часть» болду сенин жакының.

## ЛЕЙТЕНАНТ СОПУБЕКОВ АЙБЕККЕ

Окууну бүтүп Бишкектен,
Билимин сыйлап иштеген.
Ак ниет эмгек кылганың,
Элиңе берген гүл дестең.

## ПРАПОРЩИК УРАЙЫМОВ ДАСТАНГА

Калтырбай адам көңүлүн,
Инимдей жакын көрүндүң.
Ротада болуп ийгилик,
Тата бер балын өмүрдүн.

## СЕРЖАНТ ЗУЛПУЕВ КАНАТКА

Арактын даамын татпадың,
Папирос чегип баспадың.
Сүйлөбөй эч бир жалганды,
Чындыкты дайым барктадың.

## ЕФРЕЙТОР ТААЛАЙ УУЛУ МАРАТКА

Аскердик жолду тандадың,
Жокко дейм сенин арманың.
Бийиктеп көккө уча бер,
Талыкшып артта калбагын.

## СЕРЖАНТ САБИРОВ БАКТЫЯРГА

Өмүрлөр алга шашылат,
Уулдуу болгун батыраак.
Алдейин айтса жубайың,
Жаркырап көңүл ачылат.

## СТАРШИНА ҮСӨНОВ ЖЫРГАЛГА

Көңүлү кенен Жыргалым,
Сырыңды айтып жандадың.
Турмушта болот кемчилдик,
Жүрөккө  жакын  албагын .

## БИР ШИЛТЕМ

- Махабат сүйүшкөндөрдү бириктирет
- Жүрөк карыбайт,
- Сүйүү  өлбөйт.
- Сүйүшкөндөр бири –биринин кемчилдигин көрбөйт, ошону үчүн сүйүп калат.
- Сүйүү- сулууну издебейт,
- Сүйүүнү сөз менен айтуу кыйын,
- Сүйүү-өтө назик.
- Сүйүү -түпкүрү жок деңиз.
- Сүйүү- рахат.
- Сүйүү -өчпөгөн өрт.
- Сүйүү- ачуу,
- Сүйүү -таттуу.
- Сүйүү- жыргал.
- Сүйүү -кары жашты тандабайт,
- Сүйүү- көз жетпеген аска,
- Сүйүү -бул жалган.
- Сүйгөнүңө жетпесең арман.

***

Ак булуттай асманда учуп келем,
Жолугуучу мүнөттү күтө берем.
Жараланган жалгыздык мен көгүчкөн.
Тыным билбей жашоодо сени издеген.

***

Көрбөдү деп неге мени алдадың,
Чындык жеңет чыгып калды жалганың.
Көпөлөктөй уча бербе гүл тандап,
«Адам» деген намысыңды сактагын.

***

Түн караңгы бир гана ай,
Сүзүп жүрөт жапжалгыз.
Мен да жалгыз басып жүрөм,
Сени эстеп айласыз.

***

Мээримиң жүрөгүмдө жашап келет,
Чынында бар го окшойт ага себеп.
Жалгыздык жанга батып кеткен чакта,
Жашоого аз да болсо түрткү берет.

***

Жалгыздык келди кайра,
Көз жашым болду дайра.
Жолугуп жүрөлүчү,
Таанышкан биздин жайда.

***

Көрбөдүм бир да жолу ичпегениң,
Дүйнөдө арак окшойт издегениң.
Чачыңды бубак басып калса дагы,
Көп окшойт бул жашоодо билбегениң.

***

Жашың дагы элүүгө жетип барат,
Алтымыщка учасың кагып канат.
Ичип -чегип жүрүүнүн чеги болот,
Насат айтсам билбедиң атаганат.

***

Акыркы күн калдым сени таанбай,
Калдың окшойт анча мени сагынбай.

Түшүнбөсөң айла канча кайтамын.
Мен сүйүүгө мүдүрүлбөй ,багынбай.

***

Көңүлгө жактырып күлкүңдү,
Жылдыз кылып жүрдүмбү?
Жалжылдап тиктеп көзүңдү.
Жактырып сени сүйдүмбү?

***

Эне ырыс, эне ыйык баарынан.
Кымбатымсың апакебай жанымдан.
Таштап кеттиң түбөлүккө бизди сен.
Эстеп сени көргүм келип сагынам.

***

Билбептирмин эчен күндүн өткөнүн.
Келиптирсиң мен сагынган көктөмүм.
Гүлдөрүңдү жытың жыттап кубанып.
Карап турам гүлкайырдын өскөнүн.

***

Жаркырап таңым аткандай,
Жолуктуң мага ак таңдай.
Караңгы түнүм сүрүлүп.
Күн нуру кайра чачкандай.

***

Адамдык сапатыңа таазим этем.
Сендейлер бул жашоодо көп болсо экен.
Оорубай көпкө жаша, бактылуу бол.
Эсен- соо жүрүшүңдү тилеп кетем.

***

Жаныңдан артык туура эне деген.
Дайыма бактылуусуң эне менен.
Эгерде колдон келсе апакемди.
Эч качан өлбөс кылып койор элем.

***

Жарк этип көктө чагылган,
Талаалар гүлгө жамынган.
Көпөлөк учуп гүл тандап,
Татуучу балын сагынган.

***

Жалгызмын, бул дүйнөдөн жалгыз өтөм.
Бешенеме жалгыздык бүткөн бекен.
Бир тууганың болсо да аман болсун.
Алар да өздөрү үчүн жашайт экен.

***

Эстеймин жолугушкан ошол күндү.
Унутпайм сени менен болгон түндү.
Жүрөккө таза сүйүү гүлүн тиктиң,
Абайлап өстүрөмүн ошол гүлдү.

***

Арманым жүрөгүмө батпай калды.
Сен бар үчүн башкалар жакпай калды.
Өзүңдү үмүт менен күтүп жүрөм.
Андан башка табылар айла барбы.

***

Жактырдым бир өзүңдү,
Адамдык маанайыңды.
Өзүңдү эркелетип,
Сылайын саамайыңды.

***

Ата-энең, чын досторуң бакыт каалап.
Алгачкы турмушуңа кагып канат.
Кармашкан колдоруңар бекем болсун.
Учкула талыкпастан алга карап.

***

Турпатыңыз туйгунудур өмүрдүн,
Жүрөгүңүз ачкычыдыр көңүлдүн.
Көздөрүңүз чырагыдыр түндөрдүн,
Күлгөнүңүз жыргалыдыр күндөрдүн.

## КЫШ АЙЫ

Кышында каардуу суук өмүр сүрөт,
Адамдар тазалашып карды күрөп
Дарактар титирешип мени айа деп,
Аяздан кычыраган мээрим күтөт

Жаш балдар муз тебишип оюн курат,
Чаналар бири артынан бири чубап.
Жапжарык айлуу түндө улан-кыздар,
Кубанып «батпай тур» деп айдан сурап.

## ЖАШТЫГЫМ КАЙДА КАЛДЫ

Каарылык келди окшойт мен күтпөгөн,
Өңдөн азып соолуган гүл өңдөнгөн.
Жаштыгым кайда калды, узакташып,
Ажайып Роза гүлдөй күлмүңдөгөн.

Жаштыгым кайда калды,кайда калды,
Көз жетпеген алыскы жайда калды.
Өмүрлөр өтүп кетет көз ирмемде,
Баарысын кайтарууга арга барбы?

## ТУУЛГАН КҮНҮҢ КУТ БОЛСУН ГУЛСАРА КЫЗЫМ

Ата-энеңди сүйүнтүп,
Дүнүйөгө бүгүн келипсин.
Апаңдын ууз сүтүнү,
Элжиреп тойуп эмипсиң.

Кызымдай сени көрөмүн
Туулдуң бүгүн бөбөгүм
Ымыркай үнүң угулуп
Сүйүнтөт бизди жөлөгүм

Гулсара кызым аппагым
Өтө көп жакшы жактарын
Жардамын тийип үйүңө
Апаңдын сүтүн актадың

Он бешинчи февраль
Туулган күндү белгилеп
Сүйүнүп күтүп аласын
Коноктор мына келди деп

Өмүрдүн солбос булагы
Үйүндүн болгун чырагы
Күйүмдүү болуп атаңа
Апаңдын болгун ынагы.

## КҮТӨМ СЕНИ

Кокусунан жолукканда,
Сүйүп калдым ичимен.
Эркелегим келет сага.
Тартынамын кишиден.

Көздөрүңдү көргүм келип,
Сагынамын күн сайын.
Махабатым артып барат,
Күндөн-күнгө ансайын.

Көздөрүңдү бекитпечи,
Суранамын жалжалым.
Сагынтпастан келип турчу,
Көптөн күткөн ардагым.

Жолукканда күлмүңдөгөн,
Ачык мүнөз жайдарым.
Алыстабай келе койчу,
Кайда кеттиң кайдасың.

# Мазмуну


Табияттын таттуу ырчысы………………………………… 5
Булуттагы ырлар……………………………………………. 8
Кен шаарым кең пейил кызына........................................ 9
Ыр саптан жасап гүл десте……………………………… 10
ПИКИР………………………………………………………… 14
1-Бөлүм Сүйүүгө таазим………………………………… 17
Апакеме арнаймын………………………………………… 18
Людмиламды сагынып……………………………………. 19
Ак халатчан тиш врачтарга…………………………….. 20
Неберем Эленорага арнаймын…………………………. 21
Чаувай сулуулугу…………………………………………. 24
Балалык кезди сагынам…………………………………. 25
Иним Чыйбыл болушка арнаймын……………………. 27
Минан эжеге арнаймын………………………………….. 28
Нооруз шаңы………………………………………………. 29
Бакытбеке арнаймын……………………………………… 29
Кечиккен сүйүү..................................................................... 30
Бермет сиңдиме арнаймын……………………………… 31
Айдай сулуу Айдайым…………………………………….. 33
Ак халатчан periштелер…………………………………. 34
Берметим менин медерим………………………………. 36
Жазым менин…………………………………………………. 37
Жазды күтүп………………………………………………… 37
Гавхар досума арналат………………………………….. 39
Санжарбегиме арнаймын……………………………….. 41
Мустафа иниме арнайм…………………………………. 43
Өмүрлүк жолдошум Альбертке……………………….. 44
Шаарыма таазим кылам…………………………………. 45
Согуш ардагерлерине……………………………………. 45
Руслан, тойуң кут болсун!................................................. 46
Таза сүйүү.............................................................................. 46
Өкүнүү.................................................................................... 47
Биз үчүн өлгөн жоксуң Санжарбегим………………… 48
Жаштыгым эсимде……………………………………….. 49

Санжарым өчкөн чырагым……………………………… 49
Өзүңдөн таптым сүйүүнүн кенин………………………… 50
Аттиң арман……………………………………………… 51
Жүрөгүмдүн төрүндөсүң………………………………… 51
Айтбайга………………………………………………… 52
Мен жашайм сени сагынып……………………………… 53
Айгүл гүлү………………………………………………. 53
Билбедиң…………………………………………………. 54
Жүрөктөгү ырларым……………………………………. 55
Бөбөктөрүм……………………………………………… 56
Иничегим………………………………………………… 56
Күтөм сени……………………………………………… 57
Сактабасак алгачкы махабатты……………………….. 58
Алтын апам – ыйыгым…………………………………. 59
Ак - Буура жашоолорго өмүр берет…………………… 60
Өмүр бою күтө берем сени мен………………………… 61
Алданам махабаттын сыйкырына……………………… 62
Эл мактасын……………………………………………… 62
Сагыныч…………………………………………………. 63
Атама…………………………………………………… 63
Гүлдөй берсин сүйүү багы……………………………… 64
Татаал тагдыр…………………………………………… 64
Шамал…………………………………………………… 65
Таазим этем дилимден…………………………………. 65
Сөзүңдөн кайттың бекен……………………………….. 66
Русланга………………………………………………… 67
Досум Айкөкүлгө………………………………………. 68
Чындык жеңет дайыма…………………………………. 69
Рахман менен Чаманга…………………………………. 69
2-Бөлүм Жан дүйнө……………………………………. 71
Үпөлгө…………………………………………………… 72
Сиңдим Соняга арналат………………………………… 72
Кечир……………………………………………………. 73
Досторум………………………………………………… 74
Эстей берем……………………………………………… 74
Мээрим менен сүйө бил………………………………… 75

Ак сүйүүгө кыянаттык кылбагын…………………………… 75
Чаувайлык иним Уланга……………………………………… 76
Иним Мамырга………………………………………………… 76
Сагындым, сени сагындым………………………………….. 77
Курутасың өпкөңдү.......................................................... 78
Арак ичпе, али жашсың……………………………………… 78
Таарынбайм……………………………………………………. 78
Унутулгус махабатым арманым…………………………… 79
Акданага арналат…………………………………………….. 80
Бермет сиңдим………………………………………………… 80
Милициянын полковниги Адыл  Акматалиевичке……….. 81
Күлгүн кезди сагынып……………………………………….. 82
Алгачкы сүйүүм……………………………………………….. 82
Аяп турдум…………………………………………………….. 83
Мөлтүр булак………………………………………………….. 84
Ак сүйүүнү ичке катып……………………………………….. 84
Күлмүңдөгөн гүлдөрүм……………………………………….. 85
Суйуумду терең катам……………………………………….. 85
Иним Кубатка…………………………………………………. 86
Улукбек иниме арналат……………………………………… 87
Исфайрам суугa……………………………………………….. 87
Коңшум Саадатка……………………………………………. 88
Унутпаймын мени суйгөн асылды…………………………. 89
Жүрөктү ээзет…………………………………………………. 89
Ырчы жигитке…………………………………………………. 90
Жыйырма беш жашың  менен!........................................ 91
Жүрөгүмдүн  тереңинде үмүт жашап…………………….. 91
Мен да жашайм сени сыйлап……………………………….. 92
Таластык жигит Беренге……………………………………. 92
Эстейм…………………………………………………………. 93
Иним Бакытка ыр десте……………………………………… 94
Улан иниме арналат………………………………………….. 94
Абшыр-Ата.......................................................................... 95
Кыялымда сени менен жашап келем…………………….. 95
Жалгыз дарак…………………………………………………. 96
Милициянын ага лейтенанты иним…………………………

Тагаев Элчибек мырзага арнаймын………………………… 97
Сагындым……………………………………………………… 98
Сатуучу жигитке……………………………………………… 98
Сени күтүп калайын…………………………………………… 99
Сырдуу арман…………………………………………………. 99
«АТО» нун башчысы…………………………………………. 100
Жазгым келет ак кагазга……………………………………… 101
Жайлообек иниме.............................................................. 101
Сатуучу жигит Камалидин уулу Адилетке арнайм………. 102
Чоң -Туз ден-соолуктун булагы....................................... 103
Коңшу сиңдим Канышайга………………………………… 103
АЗИЛ………………………………………………………… 105
Туз шахтасы сен ыйыксың………………………………… 105
Ардагым……………………………………………………… 106
Издегим келет………………………………………………… 106
Иним Сагынбекке арнаймын……………………………… 107
Акын Шайдилла агама арнаймын………………………….. 108
Баатыр эне Галжанга………………………………………… 109
Билип жүрөм………………………………………………… 110
Бейиш төрүн сурайын……………………………………… 110
Толкунга……………………………………………………… 110
Сагынам……………………………………………………… 111
Күттүрбөй келсең экен……………………………………… 112
Тааныш жигитке……………………………………………... 112
Сезимдер ыйлап басылбай………………………………… 113
Досум.................................................................................. 113
Эстей жүр…………………………………………………… 114
Туулган күнүм……………………………………………… 114
Таарынба……………………………………………………... 115
Эх жаштыгым……………………………………………….. 116
Жүргүн эсен………………………………………………… 116
Жоогазыным чындап эле соолуптур……………………… 117
Алып кеттиң сезимимди азгырып………………………… 119
Самадым……………………………………………………… 119
Жалгызсырайм……………………………………………… 120
Келчи жаным………………………………………………… 120

Сары-Челек………………………………………………….. 121
Тутунган уулум Абабакирге………………………………… 122
Болбостур……………………………………………………. 122
Жашай бергин кылымга……………………………………. 123
Небере уулум Бектурга…………………………………….. 124
Сабыралы Абдукаримовго………………………………… 125
Ардагымды…………………………………………………… 125
Кыргыз жерим……………………………………………….. 126
Кыргызстан………………………………………………….. 126
Жалган айтпа……………………………………………….. 127
Келиним Айзирекке арналат……………………………… 127
Сейдалиев Өмүрбекке арнаймын……………………….. 128
Туздагы элес.................................................................... 129
Рота командири капитан Алыкулов Дамирге……………. 129
Ага прапорщик  Мамыр уулу Бакытка…………………… 129
Лейтенант Райымжанов Өмүрбек иниме………………… 130
Ага сержант Шамшиев Расулга………………………….. 130
Лейтенант Сопубеков Айбекке……………………………. 130
Прапорщик Урайымов Дастанга…………………………. 130
Сержант Зулпуев Канатка…………………………………. 131
Ефрейтор Таалай уулу Маратка…………………………. 131
Сержант Сабиров Бактыярга……………………………… 131
Старшина Үсөнов Жыргалга……………………………… 131
Бир шилтем…………………………………………………. 132
Кыш  айы…………………………………………………….. 136
Жаштыгым  кайда  калды………………………………….. 136
Туулган күнүң кут болсун Гулсара кызым........................ 137
Күтөм сени......................................................................... 138

**ТАШПОЛОТОВА САКИНА**

# ЫРЛАРЫМ
# МЕНИН ӨМҮРҮМ

**Редактор: Айталы Джуманазаров**
**Корректор: Абдуназар Жоробеков**
**Техредактор Акылбек Тойчубаев**
**Терген: Рабыхан Ярматова**
**Калыпка салган Ыкыбал уулу Элдияр**

Терүүгө берилди 20.03.2017-ж. Басууга 11.09 2017-ж.
Кагаздын форматы 60х84. 1/16 9 б.т. Буйрутма №20.
Нускасы 250.
Ош шаары, Курманжан-Датка көчөсү 236.

---

Тел.: моб +996 779 77 77 89, 0778 50 04 88